# Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарты (IAS) 36
# *«Активдердин наркынын түшүшү»*

## Максаты

1 Ушул стандарт активдердин баланстык наркы орду толтурулуучу нарктан ашпашы үчүн ишкана аларды эсепке алуу учурунда колдонууга тийиш болгон тартипти белгилейт. Эгерде активдин баланстык наркы ушул активди пайдалануу же сатуу аркылуу алынышы мүмкүн болгон суммадан ашса, ал өзүнүн орду толтурулуучу наркынан ашкан нарк боюнча балански эсепке алынат. Эгерде бул орун алса, активдин наркы түшүп кеткен деп эсептелет жана стандарт ишкана нарктын түшүшүнөн зыяндын чагылдырышын белгилейт. Стандарт ошондой эле ишкана нарктын түшүшүнөн зыянды калыбына келтирүүгө тийиш экендигин аныктайт жана маалыматты ачып көрсөтүү тартибин белгилейт.

## Колдонуу чөйрөсү

2 **Ушул стандарт, төмөнкүлөрдү кошпогондо, бардык активдердин наркынын түшүшүн эсепке алуу үчүн колдонулат:**

- **(a)** **запастарды (*«Запастар»* ФОЭС (IAS) 2ни караңыз);**
- **(b)** **келишим боюнча активдерди жана *«Сатып алуучулар менен келишимдер боюнча түшкөн киреше»* ФОЭС (IFRS) 15ке ылайык таанылган келишимди түзүүгө же аткарууга чыгымдардын натыйжасында келип чыгуучу активдерди;**
- **(c)** **кийинкиге калтырылган салык активдерин (*«Пайда салыгы»* ФОЭС (IAS) 12ни караңыз);**
- **(d)** **кызматкерлердин сыйакыларынан келип чыгуучу активдерди (*«Кызматкерлердин сыйакылары»* ФОЭС (IAS) 19ду караңыз);**
- **(e)** ***«Финансылык инструменттер»* ФОЭС (IFRS) 9 жайылтылган финансылык активдерди;**
- **(f)** **адилет нарк боюнча бааланууч инвестициялык кыймылсыз мүлктү (*«Инвестициялык кыймылсыз мүлк»* ФОЭС (IAS) 40ты караңыз);**
- **(g)** **айыл чарба ишмердүүлүгүнө кирген, *«Айыл чарбасы»* ФОЭС (IAS) 41дин колдонуу чөйрөсүнө кирген жана сатуу чыгымдары алып салынган адилет нарк боюнча бааланууч биологиялык активдерди;**
- **(h)** **сатып алуу боюнча кийинкиге калтырылган чыгымдарды, ошондой эле *«Камсыздандыруу келишимдери»* ФОЭС (IFRS) 4кө ылайык камсыздандыруу келишимдери менен шартталган камсыздандыруучунун укуктарынан келип чыккан материалдык эмес активдерди; жана**
- **(i)** ***«Сатууга арналган жүгүртүүдөн тышкаркы активдер жана токтотулган ишмердүүлүк»* ФОЭС (IFRS) 5ке ылайык сатууга арналган катары классификацияланууч жүгүртүүдөн тышкаркы активдерди (же чыгып жаткан топторду).**

© ФОЭС Фонду

3 Ушул стандарт запастарга, куруунга келишимдерден келип чыккан активдерге, кийинкиге калтырылган салык активдерине, кызматкерлердин сыйакыларынан келип чыккан активдерге же сатууга арналган катары классификациялануучу (же сатууга арналган катары классификациялануучу чыгып жаткан топко киргизилген) активдерге карата колдонулбайт, анткени бул активдерге карата колдонулуп жаткан стандарттар бул активдерди таануу жана баалоо үчүн талаптарды камтыйт.

4. Ушул стандарт төмөнкүдөй классификациялануучу финансылык активдерге карата колдонулат:

(a) *«Бириктирилген финансылык отчеттуулук»* ФОЭС (IFRS) 10до келтирилген аныктамага ылайык туунду ишканаларга;

(b) *«Ассоциацияланган жана биргелешкен ишканаларга салынган инвестициялар»* ФОЭС (IAS) 28де келтирилген аныктамага ылайык ассоциацияланган ишканаларга;

(c) *«Биргелешкен ишкердик»* ФОЭС (IFRS) 11де келтирилген аныктамага ылайык биргелешкен ишканаларга.

Башка активдердин наркынын түшүшүнөн зыяндар боюнча ФОЭС (IFRS) 9га кайрылыңыз.

5 Ушул стандарттын ФОЭС (IFRS) 9дун колдонулушуна туш келген финансылык активдерге, ФОЭС (IAS) 40ты колдонуу чөйрөсүнүн алкагында адилет нарк боюнча бааланууучу инвестициялык кыймылсыз мүлккө, ошондой эле айыл чарба ишмердүүлүгүнө кирген, ФОЭС (IAS) 41ди колдонуу чөйрөсүнүн алкагында сатуу чыгымдары алып салынган адилет нарк боюнча бааланууучу биологиялык активдерге тиешеси жок. Бирок ушул стандарт *«Негизги каражаттар»* ФОЭС (IAS) 16да жана *«Материалдык эмес активдер»* ФОЭС (IAS) 38де келтирилген кайталап бааланган нарк боюнча эсепке алуу модели сыяктуу башка стандарттарга ылайык кайталап бааланган нарк (башкача айтканда, нарктын түшүшүнөн кийин топтолгон амортизацияны жана кийин топтолгон зыяндарды алып салганда кайталап баалоо күнүнө карата адилет нарк) боюнча эсепке алынуучу активдерге карата колдонулат. Активдин чыгып калышы менен байланышкан тикелей кошумча чыгымдар активдин адилет наркынын жана чыгып калуу чыгымдары алып салынган анын адилет наркынын ортосундагы жалгыз айырма болуп саналат.

(a) Эгерде чыгып калуу чыгымдары өтө эле аз болсо, анда кайталап бааланган активдин орду толтурулуучу наркы сөзсүз түрдө кайталап баалоонун суммасына дээрлик барабар же андан бир аз жогору болот. Мындай учурда кайталап баалоо жагынан талаптарды колдонгондон кийин кайталап бааланган активдин наркы түшүп калаары арсар жана орду толтурулуучу наркты аныктоонун кереги жок;

(b) [алып салынган]

(c) Эгерде чыгып калуу чыгымдары өтө эле аз болуп саналбаса, анда кайталап бааланган активдин чыгып калышы боюнча чыгымдарды алып салгандан кийинки адилет нарк сөзсүз түрдө анын кайталап баалоо суммасынан аз. Тиешелүү түрдө, эгерде кайталап бааланган активди колдонуу баалуулугу аны кайталап баалоо суммасынан төмөн болсо, анын наркы түшүүгө тийиш. Бул учурда кайталап баалоо талаптарын колдонгондон кийин активдин наркы түшүүгө тийиш экенин же жоктугун аныктоо үчүн ишкана ушул стандартты колдонууга тийиш.

## Аныктамалар

**6 Ушул стандартта төмөнкүдөй терминдер көрсөтүлгөн маанилерде колдонулат:**

***Баланстык нарк*** **– кандай болбосун топтолгон эскирүү (амортизация) жана ал боюнча наркы түшүшүнөн топтолгон зыяндар алып салынгандан кийин актив таанылган сумма.**

***Акча каражаттарын жаратуучу бирдик (жаратуучу бирдик)*** **– башка активдерден же активдердин тобунан акча каражаттарынын киришинен көбүрөөк деңгээлде көз каранды эмес, акча каражаттарынын киришин жаратуучу эң кичинекей аныкталуучу активдердин тобу.**

***Корпоративдик активдер*** **– каралып жаткан жаратуучу бирдиктерден, ошондой эле башка жаратуучу бирдиктерден келечекте акча каражаттарынын келип түшүшүнө түрткү болуучу гудвилден тышкаркы активдер.**

***Чыгып калуу чыгымдары*** **– финансылык чыгымдарды жана пайда салыгы боюнча чыгашаларды кошпогондо, активдин же жаратуучу бирдиктин чыгып калышы менен тикелей байланышкан кошумча чыгымдар.**

***Амортизацияланууучу нарк*** **– активдин жоюу наркын алып салгандагы баштапкы наркы, же финансылык отчеттуулукта баштапкы нарктын ордуна колдонулуучу сумма.**

***Эскирүү (амортизация)*** **– активдин амортизацияланууучу наркын анын пайдалуу кызмат мөөнөтүнө системалык бөлүштүрүү.**[1]

***Адилет нарк*** **– бул баалоо күнүнө карата рыноктун катышуучуларынын ортосундагы демейки операциянын жүрүшүндө активди сатууда алына турган же милдеттенмени өткөрүп берүүдө төлөнө турган баа.** ***(«Адилет нарктты баалоо»*** **ФОЭС (IFRS) 13тү караңыз).**

***Нарктын түшүшүнөн зыяндар*** **– активдин же жаратуучу бирдиктин баланстык наркы анын орду толтурулуучу наркынан ашкан сумма.**

***Активдин же акча каражаттарын жаратуучу бирдиктин орду толтурулуучу наркы*** **– бул суммалардын кайсынысы көп болушуна жараша, сатуу чыгымдары жана аларды колдонуу баалуулугу алып салынган эң жогорку адилет нарк.**

***Пайдалуу кызмат мөөнөтү*** **– бул же болбосо:**

**(a) анын ичинде ишкана колдонууга актив жеткиликтүү болгон убакыт мезгили; же болбосо**

**(b) ишкана активди колдонуудан алууну күтүп жаткан продукциянын бирдиктеринин же ошого окшош бирдиктердин саны.**

***Колдонуу баалуулугу*** **– активден же акча каражаттарын жаратуучу бирдиктен алынуусу күтүлгөн келечектеги акча каражаттарынын агымдарынын келтирилген наркы.**

## Наркы түшүшү мүмкүн болгон активди идентификациялоо

1 Материалдык эмес актив учурунда "эскирүү (амортизация)» терминин ордуна адатта «амортизация» термини колдонулат. Эки термин тең бирдей эле мааниге ээ.

7 8 – 17-пункттарда орду толтурулуучу нарк качан аныкталууга тийиш экендиги көрсөтүлөт. Бул талаптарда «актив» деген термин колдонулганы менен, аларды бирдей эле өлчөмдө өзүнчө активге карата, ошондой эле жаратуучу бирдикке карата колдонууга болот. Ушул стандарттын калган бөлүгү төмөнкүдөй түрдө түзүлгөн:

(a) 18 – 57-пункттарда орду толтурулуучу нарктты баалоого карата тиешелүү талаптар белгиленген. Бул талаптарда да «актив» деген термин колдонулганы менен, аларды бирдей эле өлчөмдө өзүнчө активге карата, ошондой эле жаратуучу бирдикке карата колдонууга болот;

(b) 58 - 108-пункттарда нарктын түшүшүнөн зыяндарды таануу же баалоо боюнча талаптар баяндалган. Гудвилден айырмаланган өзүнчө актив үчүн нарктын түшүшүнөн зыяндарды таануу жана баалоо 58 – 64-пункттарда каралат. 65 – 108-пункттарда жаратуучу бирдиктер жана гудвил үчүн нарктын түшүшүнөн зыяндарды таануу жана баалоо каралат.

(c) 109 – 116-пункттарда актив же жаратуучу бирдик  жагынан мурдагы мезгилдерде таанылган нарктын түшүшүнөн зыяндарды калыбына келтирүү үчүн талаптар белгиленген. Кайрадан эле бул талаптарда да «актив» деген термин колдонулганы менен, аларды өзүнчө активге карата, ошондой эле жаратуучу бирдикке карата колдонууга болот. Өзүнчө активдер үчүн кошумча талаптар – 117 – 121-пункттарда, жаратуучу бирдик  үчүн – 122 жана 123-пункттарда, ал эми гудвил үчүн 124 жана 125-пункттарда баяндалган;

(d) 126 – 133-пункттарда актив же жаратуучу бирдик жагынан нарктын түшүшүнөн зыяндар жана аларды калыбына келтирүү ачып көрсөтүлүүгө тийиш болгон маалымат аныкталат. 134 – 137-пункттарда жаратуучу бирдиктер үчүн маалыматты кошумча ачып көрсөтүү боюнча талаптар аныкталган, нарктын түшүшүн тестирлөө максатында аларга гудвил жана пайдалуу кызмат мөөнөтү айкын эмес материалдык эмес активдер киргизилген.

8 Эгерде активдин балансттык наркы орду толтурулуучу нарктан ашса, анын наркы түшөт. 12 – 14-пункттарда нарктын түшүшүнүн мүмкүнчүлүгүн көрсөткөн айрым белгилер көрсөтүлгөн. Ар кандай ушундай белгилер болгон учурда ишкана орду толтурулуучу нарктты формалдуу баалоону жүргүзүүгө тийиш. Эгерде 10-пунктта башкасы көрсөтүлбөсө, ушул стандарт активдердин ыктымалдуу нарктын түшүшүнүн кандайдыр-бир белгилери жокто ишкана орду толтурулуучу нарктты формалдуу баалоону жүргүзүшүн талап кылбайт.

**9 Ишкана бир отчеттук мезгилдин аягына карата активдердин наркы түшүшүнүн кандайдыр-бир белгилери бар же жоктугун баалоого тийиш. Ар кандай ушундай белги болгон учурда ишкана активдин орду толтурулуучу наркын баалоого тийиш.**

**10 Нарктын түшүшүнүн кандайдыр-бир белгилери бар же жоктугуна карабастан, ишкана ошондой эле:**

**(a) пайдалуу кызмат мөөнөтү аныкталбаган материалдык эмес активди же пайдалануу үчүн али колдо болбогон материалдык эмес активди анын балансттык наркын орду толтурулуучу нарк менен салыштыруу аркылуу жыл сайын нарктын түшүшү жагынан текшерет. Нарктын түшүшүн бул текшерүү жылдык мезгилдин ичинде ар кандай учурда жүргүзүлүшү мүмкүн, мында ал жыл сайын бир эле учурда жүргүзүлүшү шарт. Ар түрдүү материалдык эмес**

**активдер нарктын түшүшү жагынан ар кандай учурда текшерилиши мүмкүн. Бирок эгерде ушундай материалдык эмес актив адегенде үстүдөгү жыл мезгилинин ичинде таанылган болсо, ушундай материалдык эмес актив нарктын түшүшү жагынан үстүдөгү жыл мезгилинин аягына чейин текшерилүүгө тийиш.**

**(b) бизнести бириктирүүнүн натыйжасында алынган гудвилди нарктын түшүшү жагынан 80 – 99-пункттарга ылайык жыл сайын текшерет.**

11 Материалдык эмес активдин келечекте анын баланстык наркынын ордун толтуруу үчүн жетиштүү болгон көлөмдө экономикалык пайданы өндүрүүгө жөндөмү демейде активди пайдалануу башталгандан кийинкиге караганда, ага чейин көбүрөөк күмөн. Ошондуктан ушул стандарт ишкана пайдалануу үчүн али колдо болбогон материалдык эмес активди баланстык наркынын нарктын түшүшү жагынан текшерүүнү жылына кеминде бир жолу жүргүзүүгө тийиш экенин белгилейт.

**12 Активдердин мүмкүн болгон наркы түшүшүнүн белгилеринин болушун баалоодо ишкана бери болгондо төмөнкүдөй белгилерди карап чыгууга тийиш:**

**Маалыматтын тышкы булактары**

**(a) мезгил ичинде активдин наркы мезгил өтүшү менен же демейки пайдалануу учурунда күтүлгөнгө караганда кыйла көп төмөндөгөнүнүн байкоо жүргүзүлүүчү белгилеринин болушу;**

**(b) ишкана үчүн жагымсыз натыйжаларга ээ болгон кыйла өзгөрүүлөр мезгил ичинде болуп өттү же ишкана ишин жүзөгө ашырып жаткан техникалык, рыноктук, экономикалык же укуктук шарттарда же актив ага арналган рынокто жакынкы келечекте болуп өтөт;**

**(c) рыноктук пайыздык ставкалар же инвестицияларга пайданын башка рыноктук ченемдери мезгил ичинде жогорулады жана бул өсүш, кыязы, активди колдонуу баалуулугун же анын орду толтурулуучу наркын эсептөө учурунда колдонулуучу дисконттоонун ставкасы үчүн олуттуу жагымсыз натыйжаларга ээ болот;**

**(d) ишкананын таза активдеринин баланстык наркы анын рыноктук капиталдашуусунан ашат;**

**Маалыматтын ички булактары**

**(e) активдин моралдык эскиришинин же физикалык бузулушунун белгилери бар;**

**(f) ишкана үчүн жагымсыз кесепеттерге ээ болгон кыйла өзгөрүүлөр мезгил ичинде болуп өттү же болжол менен жакынкы келечекте активди пайдалануунун (же болжолдуу пайдалануунун) интенсивдүүлүгү жана ыкмасы жагынан орун алышы мүмкүн. Бул өзгөрүүлөр жөнөкөй активди, активдин тиешеси бар ишмердүүлүктү токтотуу же кайра түзүмдөштүрүү боюнча пландарды, мурда белгиленген күнгө чейин активдин чыгып калышы боюнча**

© ФОЭС Фонду

**пландарды, ошондой эле активдин пайдалуу кызмат мөөнөтүн айкын эместиктен айкындыкка кайра баалоону камтыйт.**[2]

(g) **активдин экономикалык натыйжалуулугу начар экени же күтүлгөндөн начар болоору ички отчеттуулуктан көрүнүп турат;**

**Туунду ишканадан, биргелешкен ишканадан же ассоциацияланган ишканадан дивиденддер**

(h) **туунду ишканага, биргелешкен ишканага же ассоциацияланган ишкана инвестициялар жагынан инвестор инвестициялардан дивиденддерди тааныйт жана төмөнкүлөрдүн далили бар:**

(i) **өзүнчө финансылык отчеттуулукта инвестициялардын баланстык наркы тиешелүү гудвилди кошуп алганда, бириктирилген финансылык отчеттуулуктагы инвестициялар объектисинин таза активдеринин баланстык наркынан ашат; же**

(ii) **дивиденддер туунду ишкананын, биргелешкен ишкананын же ассоциацияланган ишкананын дивиденддер жарыяланган мезгилдеги жалпы жыйынды кирешесинен ашат.**

13 12-пунктта келтирилген тизмек толук болуп саналбайт. Ишкана активдин ыктымалдуу наркы түшүшүнүн башка белгилерин табышы мүмкүн, анын айынан ишкана активдин орду толтурулуучу наркын аныктоосу же гудвил учурунда 80 – 99-пункттарга ылайык нарктын түшүшү жагынан текшерүүнү жүргүзүшү талап кылынат.

14 Активдин ыктымалдуу наркынын түшүшүн көрсөтүп турган ички отчеттуулуктун көрсөткүчтөрү төмөнкүдөй фактыларды камтыйт:

(a) активди сатып алуу үчүн акча каражаттарынын агымдары же акча каражаттарына кийинки муктаждыктар аны эксплуатациялоо же күтүү үчүн бюджетте адегенде пландаштырылган суммадан кыйла ашат;

(b) акча каражаттарынын иш жүзүндөгү таза агымдары же операциялык пайда же активден келип чыккан зыян пландаштырылган цифраларга караганда алда канча жаман;

(c) бюджетке салыштырганда акча каражаттарынын таза агымдарынын же операциялык пайданын кыйла азаюусу же болбосо бюджетке салыштырганда активден келип чыккан зыяндын кыйла көбөйүүсү бар; же

(d) үстүдөгү мезгилдин суммаларын актив жагынан келечектеги мезгилдер үчүн бюджеттик суммаларга кошкон учурда операциялык зыяндар же акча каражаттарынын таза чыгышы катталат.

15 10-пунктта көрсөтүлгөндөй, ушул стандарт пайдалуу кызмат мөөнөтү айкын эмес же пайдаланууга али даяр эмес материалдык эмес актив жана гудвил нарктын түшүшү жагынан жылына кеминде бир жолу текшерилишин белгилейт. 10-пункттун талаптарын

---

[2] Актив сатууга арналган катары классификациялоо критерийин канааттандырар замат (же сатууга арналган катары классификацияланууучу чыгып жаткан топко кошулат), ал ушул стандарты колдонуу чөйрөсүнөн чыгарылат жана *«Сатууга арналган жүгүртүүдөн тышкаркы активдер жана токтотулган ишмердүүлүк»* ФОЭС (IFRS) 5ке ылайык эсепке алынат.

колдонуу учурларынан тышкары, активдин орду толтурулуучу наркын баалоо зарылчылыгын аныктоо учурунда олуттуулук концепциясы колдонулат. Мисалы, эгерде буга чейинки эсептер активдин орду толтурулуучу наркы анын баланстык наркынан кыйла жогору болсо, эгерде айырманы теңдөөчү окуя болуп өтпөсө, ишкана активдин орду толтурулуучу наркын кайра баалоосунун кереги жок. Ушундай эле, мурдагы талдоо активдин орду толтурулуучу наркы 12-пунктта саналган бир (же бир нече) көрсөткүчтөргө туруштук берээрин көрсөтө алат.

16 15-пунктта көрсөтүлгөндөргө мисал катарында, эгерде инвестицияга пайданын рыноктук пайыздык ставкалары же башка рыноктук ченемдери каралып жаткан мезгилдин ичинде көбөйсө, ишкана төмөнкүдөй учурларда активдин орду толтурулуучу наркын формалдуу баалоону жүргүзүшү милдеттүү эмес:

(a) эгерде активди пайдалануунун наркын эсептөө учурунда пайдаланылган дисконттоо ставкасы рыноктук ставкаларды жогорулатуунун натыйжасында өзгөрүшү арсар болсо. Мисалы, кыска мөөнөттүү зайымдар боюнча пайыздык ставкаларды көбөйтүү пайдалуу кызматтын узак калдык мөөнөтү бар актив үчүн колдонулуучу дисконттоо ставкасына олуттуу өлчөмдө таасир эте албайт;

(b) эгерде ушундай рыноктук ставкалардын активди колдонуу баалуулугун эсептөө үчүн колдонулуучу дисконттоонун ставкасына ыктымалдуу таасир этиши жогору болсо, бирок орду толтурулуучу нарктын байымсыздыгын мурда жүргүзүлгөн талдоо буларды көрсөттү:

(i) орду толтурулуучу нарктын олуттуу азайышы күмөн болуп саналат, анткени акча каражаттарынын келечектеги келип түшүшү да, кыязы, көбөйөт (мисалы, айрым учурларда ишкана рыноктук ставкалардын ар кандай көбөйүшүн компенсациялоо үчүн өзүнүн түшкөн кирешелерин оңдоп-түзөй алаарын көрсөтө алат); же

(ii) орду толтурулуучу нарктын азайышы нарктын түшүшүнөн зыяндарга алып келиши күмөн.

17 Активдин ыктымалдуу наркы түшүшүнүн белгилери болгон учурда бул пайдалуу кызматтын калдык мөөнөтү, амортизация (эсептен чыгаруу) методу же актив үчүн калдык нарк кайра каралууга жана тиешелүү актив жагынан нарктын түшүшүнөн эч бир зыяндар таанылбаган күндө да, бул актив боюнча колдонулуучу стандартка ылайык оңдоп-түзөлүүгө тийиш экенин көрсөтүп турат.

## Орду толтурулуучу наркты баалоо

18 Сатуу чыгымдарынын же колдонуу баалуулугунун кайсынысынын суммасы чоң болгонуна жараша алып салганда, ушул стандарт орду толтурулуучу наркты активдин же жаратуучу бирдиктин адилет наркы катары аныктайт. 19 – 57-пункттарда орду толтурулуучу наркты баалоого тиешелүү талаптар белгиленген. Бул талаптарда «актив» деген термин колдонулганы менен, аларды өзүнчө активге карата, ошондой эле жаратуучу бирдикке карата колдонууга болот.

19 Активдин сатуу чыгымдары алып салынган адилет наркын да, колдонуу баалуулугун да аныктоого зарылчылык дайыма боло бербейт. Эгерде ушундай суммалардын кайсынысы

© ФОЭС Фонду

болбосун активдин баланстык наркынан ашса, активдин наркы түшпөйт, бул башка сумманы баалоо зарылчылыгын жокко чыгарат.

20 Активдүү рынокто окшош активге котировкалануучу баа жокто да чыгып калуу чыгымдарынын адилет наркын баалоо мүмкүнчүлүгү бар. Бирок кээде учурдагы рыноктук шарттарда баалоо күнүнө карата рыноктун катышуучуларынын ортосунда активди сатуу боюнча ыктыярдуу негизде операция жүргүзүлө турган бааны ишенимдүү баалоо үчүн негиздин жоктугунан улам чыгып калуу чыгымдары алып салынган адилет наркты баалоо мүмкүн эмес. Бул учурда ишкана активди анын орду толтурулуучу наркы катары пайдалана алат.

21 Активди колдонуу баалуулугу анын сатуу чыгымдары алып салынган адилет наркынан олуттуу ашат деп болжолдоого негиз жокто, сатуу чыгымдары алып салынган активдин адилет наркы орду толтурулуучу нарк катары колдонулушу мүмкүн. Бул көп учурда чыгып калууга арналган актив үчүн адилеттүү болот. Мунун себеби буларда: чыгып калууга арналган активди колдонуу баалуулугу негизинен чыгып калуудан таза түшкөн кирешелерден турат, анткени актив чыгып калганга чейин аны пайдаланууну улантуудан акча каражаттарынын келечектеги келип түшүшү өтө эле аз болот.

22 Өзүнчө актив башка активдерден жана активдердин тобунан акча каражаттарынын киришине кыйла даражада көз каранды болбогон акча каражаттарынын киришин камсыз кылбаган учурларды кошпогондо, мындай актив үчүн орду толтурулуучу нарк аныкталат. Эгерде бул орун алса, орду толтурулуучу нарк актив кирген жаратуучу бирдик үчүн аныкталат (65 - 103-пункттарды караңыз), буга төмөнкүдөй учурлар кирбейт:

(a) сатуу чыгымдары алып салынган активдин адилет наркы анын баланстык наркынан жогору; же

(b) чыгып калуу чыгымдары алып салынган активди колдонуу баалуулугу баалоолор боюнча анын адилет наркына жакындашы мүмкүн, ал эми адилет нарк чыгып калуу чыгымдарын алып салуу менен бааланышы мүмкүн.

23 Айрым учурларда эсептик баалоолор, орточо көлөмдөр жана жөнөкөйлөтүлгөн эсептөөлөр сатуу чыгымдары алып салынган адилет наркты же колдонуу баалуулугун аныктоо үчүн ушул стандартта сүрөттөлгөн так эсептердин жетиштүү аппроксимациясы болуп саналышы мүмкүн.

## Пайдалуу кызмат мөөнөтү айкын болбогон материалдык эмес активдин орду толтурулуучу наркын баалоо

24 10-пункт пайдалуу кызмат мөөнөтү айкын болбогон материалдык эмес актив, ыктымалдуу нарктын түшүүшүнүн кандайдыр-бир белгилери бар же жоктугуна карабастан, анын баланстык наркын орду толтурулуучу нарк менен салыштыруу аркылуу нарктын түшүүшү жагынан жыл сайын текшерилишин белгилейт. Бирок буга чейинки мезгилде жүргүзүлгөн активдин ушундай орду толтурулуучу наркынын соңку такталган эсеби, төмөнкүдөй бардык критерийлер сакталган шартта, үстүдөгү мезгилде нарктын түшүүшү жагынан ушундай активди текшерүүнү жүргүзүү үчүн колдонулушу мүмкүн:

(a) эгерде материалдык эмес актив аны пайдаланууну уланткан учурда башка активдердин же активдин топторунун акча каражаттарынын киришинен кыйла даражада көз карандысыз болуп саналган акча каражаттарынын киришин

жаратпаса жана тиешелүү түрдө өзү кирген жаратуучу бирдиктин курамында наркынын түшүшү текшерилсе, ушундай бирдикти түзгөн активдер жана милдеттенмелер орду толтурулуучу наркты соңку эсептөө учурунан тартып кыйла өзгөрүүлөргө дуушарланбайт;

(b) орду толтурулуучу наркты соңку эсептөөнүн натыйжасында активдин балanстык наркынан кыйла ашкан сумма келип чыккан; жана

(c) орду толтурулуучу наркты соңку эсептөө учурунан тартып болуп өткөн окуяларды жана ошол учурдан тартып өзгөргөн жагдайларды талдоонун негизинде учурдагы орду толтурулуучу нарк активдин балансtык наркынан төмөн болушунун ыктымалдыгы аз.

## Сатуу чыгымдары алып салынган адилет нарк

25–27 [Алып салынган]

28 Чыгып калуу чыгымдары алып салынган адилет наркты баалоо учурунда милдеттенмелер катары таанылгандарды кошпогондо, чыгып калуу чыгымдары алып салынат. Мындай чыгымдардын мисалы катары юридикалык чыгымдарды, гербдик жыйымдар жана бүтүмдөн алынуучу ушундай салыктарды, активди жок кылууга чыгымдарды, ошондой эле активди сатуу үчүн зарыл абалга келтирүүгө тикелей кошумча чыгымдарды келтирүүгө болот. Бирок, бошонуп кетүүдөгү жөлөкпулдар (ФОЭС (IAS) 19га ылайык) жана актив чыгып калгандан кийин ишмердүүлүктү кыскартуу жана өзгөртүп түзүү менен байланышкан чыгымдар активдин чыгып калышына тикелей кошумча чыгымдар болуп саналбайт.

29 Кээде актив чыгып калып жатканда сатып алуучу өзүнө кандайдыр-бир милдеттенмени алышы зарыл, сатуу чыгымдары алып салынган актив менен милдеттенме үчүн да адилет нарктын бар гана мааниси бар. 78-пунктта ушундай учурларда эмне кылуу керектигинин түшүндүрмөсү камтылган.

### Колдонуу баалуулугу

**30 Активдин колдонуу баалуулугун эсептөө учурунда төмөнкүдөй элементтер чагылдырылат:**

**(a) ишкана активди пайдалануудан алууга ниеттенип жаткан акча каражаттарынын келечектеги агымдарынын баалоосу;**

**(b) акча каражаттарынын келечектеги ушундай агымдарынын учурунда суммалардагы жана бөлүштүрүүдөгү ыктымалдуу четтөөлөр жагынан күтүүлөр;**

**(c) учурдагы рыноктук тобокелсиз пайыздык ставка менен көрсөтүлгөн акчалардын убакыт ичиндеги наркы;**

**(d) ушул активге мүнөздүү болгон айкын эместик менен байланышкан баа; жана**

**(e) ишкана келечекте активден түшөт деп күтүп жаткан акча каражаттарынын агымдарынын баасын аныктоо учурунда рыноктун катышуучулары чагылдыра турган ликвиддүү эместик сыяктуу башка факторлор.**

© ФОЭС Фонду

31 Активди колдонуу баалуулугун баалоо төмөнкүдөй этаптарды камтыйт:

(a) активди пайдаланууну улантуу жана анын кийин чыгып калышы менен байланышкан акча каражаттарынын келечекте киришин жана чыгышын баалоо; жана

(b) келечекте акча каражаттарынын ушундай агымдарына карата дисконттоонун тиешелүү ставкасын колдонуу.

32 30(b), (d) жана (e)-пунктунда аныкталган элементтер акча каражаттарынын келечектеги түшүүлөрүн оңдоп-түзөө катары же болбосо дисконттоонун ставкасын оңдоп-түзөө катары чагылдырылышы мүмкүн. Келечекте акча каражаттарынын агымдарын суммасында же убакытта бөлүштүрүүдө ыктымалдуу четтөөлөр жагынан күтүүлөрдү чагылдыруу үчүн ишкана кандай методду кабыл албасын, натыйжа акча каражаттарынын келечектеги агымдарынын күтүлгөн келтирилген наркын, башкача айтканда, мүмкүн болгон бардык натыйжалардын орточо алынган маанисин чагылдырууга тийиш. А тиркемесинде активди колдонуу баалуулугун баалоо учурунда келтирилген нарктын методдорун пайдалануу боюнча кошумча көрсөтмөлөр берилген.

**Акча каражаттарынын келечектеги агымдарын баалоо үчүн негиз**

**33 Активди колдонуу баалуулугун баалоодо ишкана төмөнкүлөрдү аткарууга тийиш:**

**(a) акча каражаттарынын агымдарынын болжолдорун активдин пайдалуу кызматынын калган мөөнөтүнүн аралыгында өкүм сүрө турган экономикалык конъюнктураны жетекчилик тарабынан алда канча мыкты эсептик баалоону билдирген акылга сыярлык жана негиздүү болжолдорго негиздөө. Тышкы көрсөткүчтөргө көбүрөөк маани берилет;**

**(b) акча каражаттарынын агымдарынын божомолдорун жетекчилик бекиткен соңку финансылык бюджеттердин/болжолдордун маалыматтарына негиздөө, бирок келечекте активди пайдаланууну кайра түзүмдөштүрүүгө же натыйжалуулугун жакшыртууга же жогорулатууга байланыштуу күтүлүп жаткан акча каражаттарынын келечекте киришинин же чыгышынын ар кандай эсептик баалоосун жокко чыгаруу. Ушундай бюджеттик көрсөткүчтөргө/болжолдорго негизделген перспективдик баалоолор, эгерде алда канча узак мезгилди пайдалануу негизделиши мүмкүн болбосо гана, беш жылдан ашпаган мезгилди камтууга тийиш;**

**(c) эгерде өсүш арымынын көбөйүп жаткан көрсөткүчүн пайдалануу негизделген болушу мүмкүн болбосо гана, соңку жылдар үчүн өсүш арымынын туруктуу же азайып бараткан көрсөткүчүн колдонуу менен бюджеттерге/болжолдорго негизделген божомолдорду улантуу аркылуу эң соңку бюджеттерде/болжолдордо чагылдырылган мезгил аяктаганда акча каражаттарынын агымдарынын болжолдорун баалоо. Эгерде өсүш арымынын алда канча жогорку көрсөткүчтөрүн пайдалануу негизделген болушу мүмкүн болбосо гана, бул өсүш арымы продуктулар, тармактар же өлкө же болбосо ишкана аларда ишмердүүлүгүн жүзөгө ашырып жаткан өлкөлөр үчүн же актив колдонулуп жаткан рыноктор үчүн өсүш арымынын орточо узак мөөнөттүү көрсөткүчтөрүнөн ашууга тийиш эмес.**

34 Жетекчилик акча каражаттарынын агымдарынын мурдагы болжолдорунун жана акча каражаттарынын агымдарынын иш жүзүндөгү болжолдорунун ортосундагы айырмачылыкты талдоо аркылуу акча каражаттарынын агымдарынын учурдагы болжолдорунан келип чыккан божомолдун акылга сыярлык экенин баалайт. Жетекчилик акча каражаттарынын агымдарынын учурдагы божомолунан келип чыккан болжолдор мурдагы иш жүзүндөгү натыйжаларга ылайык келишин камсыз кылууга тийиш, мында акча каражаттарынын ушул иш жүзүндөгү агымдары жаралышынын учуруна карата али боло элек кийинки окуялардын же жагдайлардын таасири буга карама-каршы келбөөсү шарт.

35 Беш жылдан ашкан мезгил үчүн келечекте акча каражаттарынын агымдары жагынан кең-кесири, айкын жана ишенимдүү финансылык бюджеттер/болжолдор демейде болбойт. Ушул себептен улам жетекчиликтин акча каражаттарынын келечектеги агымдарын баалоосу беш жыл болгон максималдуу мезгил үчүн соңку бюджеттердин/болжолдордун маалыматтарына негизделет. Жетекчилик узактыгы беш жылдан ашык болгон мезгил ичинде финансылык бюджеттердин/болжолдордун маалыматтарына негизделген акча каражаттарынын агымдарынын болжолдорун, эгерде бул болжолдор ишенимдүү деп ишенсе, пайдалана алат жана мурдагы тажрыйбанын негизинде ушундай алда канча узак мезгил үчүн акча каражаттарынын кыймылын так болжолдоо боюнча өзүнүн жөндөмүн көрсөтө алат.

36 Активдин пайдалуу кызмат мөөнөтүнүн аягына чейин акча каражаттарынын агымдарынын болжолдору кийинки жылдарга өсүш арымынын көрсөткүчтөрүн пайдалануу менен финансылык бюджеттердин/болжолдордун маалыматтарына негизделген акча каражаттарынын агымдарын улантуу аркылуу жүргүзүлөт. Эгерде көбөйүп бараткан өсүш арымы өнөр жайдын продуктусунун же тармагынын өкүм сүрүү циклинин мүнөзү жөнүндө объективдүү маалыматка ылайык келбесе гана, туруктуу же азайып бараткан көрсөткүч колдонулат. Зарылчылык болгон учурда өсүш арымы нөлгө барабар деп кабыл алынат же терс деп эсептелет.

37 Жагымдуу рыноктук конъюнктуранын учурунда атаандаштардын рыногуна чыгуу ыктымал, бул өсүштүн оздуктоочу фактору болуп калат. Тиешелүү түдө, ишканаларга продуктулар, тармактар, өлкө же ишкана ишмердүүлүгүн аларда жүзөгө ашырып жаткан өлкөлөр жагынан же актив колдонулуп жаткан рынок жагынан узак мөөнөттүү мезгилде (мисалы, жыйырма жыл) өсүштүн орточо тарыхый арымын жогорулатуу кыйын болот.

38 Финансылык бюджеттердин/болжолдордун маалыматтарын колдонууда ишкана ушул маалыматтар акылга сыярлык жана негиздүү божомолдорду чагылдыраары же жоктугу жана алар активдин пайдалуу кызматынын калган мөөнөтүнүн аралыгында өкүм сүрө турган экономикалык конъюнктураны жетекчиликтин алда канча мыкты эсептик баалоосун билдирээри же жоктугу жөнүндө ойлонууга тийиш.

**Акча каражаттарынын келечектеги агымдарын баалоонун курамдары**

**39 Акча каражаттарынын келечектеги агымдарын эсептик баалоодо төмөнкүлөр эске алынууга тийиш:**

**(a) активди пайдаланууну улантуудан акча каражаттарынын киришинин болжолдору;**

**(b) активди пайдалануунун улантуудан акча каражаттарынын киришин жаратуу үчүн сөзсүз боло турган (анын ичинде пайдаланууга активди даярдоо үчүн акча каражаттарынын чыгышы) жана активге акылга сыярлык жана ырааттуу негизде киргизилиши же бөлүштүрүлүшү мүмкүн болгон акча каражаттарынын чыгышынын болжолдору; жана**

**(c) акча каражаттарынын таза агымдары, эгерде булар бар болсо, алар активдин пайдалуу кызмат мөөнөтүнүн аягында активдин чыгып калышы үчүн алынууга (же төлөнүүгө) тийиш.**

40 Акча каражаттарынын келечектеги агымдарын жана дисконттоо ставкаларын баалоо жалпы инфляцияга кирген баанын өсүшү жөнүндө ырааттуу божомолдорду чагылдырат. Тиешелүү түрдө, эгерде дисконттоо ставкасы жалпы инфляцияга кирген баанын өсүшүнүн таасирин камтыса, акча каражаттарынын келечектеги агымдары номиналдык түрдө бааланат. Эгерде дисконттоо ставкасы жалпы инфляцияга кирген баанын өсүшүнүн таасирин камтыбаса, акча каражаттарынын келечектеги агымдары реалдуу түрдө бааланат (бирок мында спецификалык баалардын келечектеги жогорулашы жана төмөндөшү эске алынат).

41 Акча каражаттарынын чыгышынын болжолдору активди күнүмдүк тейлөө үчүн акча каражаттарын, ошондой эле келечектеги кошумча чыгашаларды камтыйт, алар активди пайдаланууга акылга сыярлык жана ырааттуу негизде түз киргизилиши же бөлүштүрүлүшү мүмкүн.

42 Эгерде активдин баланстык наркы пайдаланууга же сатууга актив даяр болгонго чейин болуп өтүүгө тийиш болгон акча каражаттарынын толук чыгышын али эске ала элек болсо, акча каражаттарынын келечектеги чыгышынын баалоосу пайдаланууга же сатууга актив даяр болгонго чейин болжол менен болуп өтүүгө тийиш болгон ар кандай кийинки чыгышынын эсептик баалоосун камтууга тийиш. Мисалы, бул бүткөрүлбөгөн курулушка же али аяктай элек курулуштун долбооруна тиешелүү.

43 Кош эсептөөнү болтурбоо үчүн акча каражаттарынын агымдарынын эсептик баалоосуна келечекте төмөнкүлөр киргизилбейт:

(a) каралып жаткан активден (мисалы, дебитордук карыз сыяктуу финансылык активдер) акча каражаттарынын киришинен кыйла даражада көз каранды эмес акча каражаттарынын киришин жараткан активдерден акча каражаттарынын кириши; жана

(b) төлөм милдеттенмелери катары таанылган милдеттенмелерге кирген акча каражаттарынын чыгышы (мисалы, кредитордук карыз, пенсиялар же баалануучу милдеттенмелер).

**44 Акча каражаттарынын келечектеги агымдары актив үчүн анын учурдагы абалында бааланат. Акча каражаттарынын келечектеги агымдарын эсептик баалоодо төмөнкүлөрдүн натыйжасында күтүлүп жаткан акча каражаттарынын кириши жана чыгышы жөнүндө эсептик маалыматтар эске алынууга тийиш эмес:**

**(a) ага карата ишкана али өзүн милдеттенмелер менен байланыштыра элек келечектеги кайра түзүмдөштүрүүнүн;**

(b) **активди пайдалануунун натыйжалуулугун жакшыртуунун же жогорулатуунун.**

45 Акча каражаттарынын агымдары келечекте актив үчүн анын учурдагы абалында баалангандыктан, колдонуу баалуулугу төмөнкүлөрдү чагылдырбайт:

(a) акча каражаттарынын келечектеги чыгышын же коштогон чыгашаларды үнөмдөөнү (мисалы, персоналды күтүүгө чыгымдарды азайтуу) же ишкана али өзүн милдеттенмелер менен байланыштыра элек келечектеги кайра түзүмдөштүрүүнүн натыйжасында күтүлгөн пайдаларды; же

(b) активди пайдалануунун натыйжалуулугун жакшыртууга же жогорулатууга акча каражаттарынын келечектеги чыгуусун же ушундай чыгуунун натыйжасында келечекте болжол менен алына турган акча каражаттарынын тиешелүү кирүүлөрүн.

46 Кайра түзүмдөштүрүү – бул жетекчилик тарабынан пландаштырылуучу жана башкарылуучу жана ишкана жүзөгө ашырып жаткан иштин масштабын же болбосо аны жүзөгө ашыруу ыкмасын олуттуу өзгөртө турган программа. *«Баалануучу милдеттенмелер, шарттуу милдеттенмелер жана шарттуу активдер»* ФОЭС (IAS) 37 ишкана кайра түзүмдөштүрүү боюнча милдеттенмелер менен качан байланышканын түшүндүрүүчү көрсөтүүлөрдү камтыйт.

47 Эгерде ишкана кайра түзүмдөштүрүү боюнча милдеттенмелер менен байланыштуу болуп калса, айрым активдер, кыязы, ушундай кайра түзүмдөштүрүүгө дуушарланат. Ишкана өзүн кайра түзүмдөштүрүү боюнча милдеттенмелер менен байланыштырганда:

(a) колдонуу баалуулугун аныктоо максатында келечекте акча каражаттарынын кирүүлөрүн жана чыгууларын анын баалоосу чыгашаларды үнөмдөөнү жана кайра түзүмдөштүрүүдөн башка пайдаларды чагылдырууга тийиш (жетекчилик бекиткен бюджеттердин/болжолдордун эң соңку маалыматтарына таянуу менен);

(b) кайра түзүмдөштүрүүгө акча каражаттарынын келечектеги чыгуусун анын баалоосу ФОЭС (IAS) 37ге ылайык кайра түзүмдөштүрүү боюнча баалоо резервдерине киргизилет.

5-көрсөтмөлүү мисалда колдонуу баалуулугунун эсебине келечектеги кайра түзүмдөштүрүүнүн таасири көрсөтүлгөн.

48 Ишканада активди пайдалануунун натыйжалуулугун жакшыртууга же жогорулатууга акча каражаттарынын келечектеги чыгуусу жүргүзүлмөйүнчө, акча каражаттарынын келечектеги агымдарынын баалоолору акча каражаттарынын ушул чыгуулары менен байланышкан экономикалык пайданын өсүшүнүн аркасында келечекте күтүлгөн акча каражаттарынын эсептик түшүүлөрүн камтууга тийиш эмес (5-көрсөтмөлүү мисалды караңыз).

49 Акча каражаттарынын келечектеги агымдарынын баалоосу активдин учурдагы абалында андан күтүлгөн экономикалык пайданын деңгээлин сактоо үчүн зарыл болгон акча каражаттарынын келечектеги чыгуусун эске алат. Эгерде жаратуучу бирдик пайдалуу кызматынын эсептик мөөнөтү ар башка болгон активдерден турса, алардын бардыгы бирдиктин ишин улантуу үчүн олуттуу болуп саналса, пайдалуу кызматынын алда канча кыска мөөнөтү бар активдерди алмаштыруу ушул бирдик менен байланышкан акча каражаттарынын келечектеги агымдарын баалоо учурунда бирдикти учурдагы тейлөөнүн

бир бөлүгү деп эсептелет. Ушундай эле түрдө, эгерде өзүнчө актив пайдалуу кызматынын ар түрдүү эсептик мөөнөттөрү бар компоненттерден турса, пайдалуу кызматынын алда канча кыска мөөнөтү бар компоненттерди алмаштыруу ушул актив тарабынан түзүлүүчү акча каражаттарынын келечектеги агымдарын баалоо учурунда активди учурдагы тейлөөнүн бир бөлүгү болуп саналат.

**50 Акча каражаттарынын келечектеги агымдарынын эсептик баасында төмөнкүлөр эске алынууга тийиш эмес:**

**(a) финансылык ишмердүүлүктүн натыйжасында акча каражаттарынын кириши жана чыгышы; жана**

**(b) пайда салыгы менен байланышкан келип түшүүлөр же төлөмдөр.**

51 Акча каражаттарынын келечектеги агымдарынын эсептик баасы дисконттоо ставкасын аныктоо ыкмасы менен макулдашылуучу божомолдорду чагылдырууга тийиш. Андай болбогон учурда, айрым божомолдордун натыйжасы эки жолу эсепке алынат жана болжолдонот. Акчалардын убакыт ичиндеги наркы акча каражаттарынын келечектеги эсептик агымдарын дисконттоо аркылуу эсепке алынгандыктан, акча каражаттарынын ушул агымдары финансылык ишмердүүлүктүн натыйжасында акча каражаттарынын киришин жана чыгышын камтыбайт. Ушундай эле түрдө, дисконттоо ставкасы салык салынганга чейин аныкталгандыктан, акча каражаттарынын келечектеги агымдары да салык салынганга чейин бааланат.

52 Активдин пайдалуу кызмат мөөнөтүнүн аягында анын чыгып калуусу үчүн алына (же төлөнө) турган акча каражаттарынын таза агымдарынын эсептик баасы ишкана бүтүмгө кирүүнү каалаган көз карандысыз, маалымдар тараптардын ортосундагы бүтүмдүн натыйжасында активдин чыгып калышынан чыгып калууга эсептик чыгымдарды алып салгандан кийин алууну күтүп жаткан суммага барабар болот.

53 Активдин пайдалуу кызмат мөөнөтүнүн аягында анын чыгып калуусу үчүн алына (же төлөнө) турган акча каражаттарынын таза агымдарынын эсептик баасы сатуу чыгымдары алып салынган активдин адилет наркына окшош аныкталат, буга акча каражаттарынын ушундай таза агымдарын баалоо учурундагы төмөнкүлөр кирбейт:

(a) ишкана пайдалуу кызмат мөөнөтү аягына жеткен жана актив пайдаланыла турган шарттарга окшош шарттардын учурунда эксплуатацияланган окшош активдер үчүн баалоо күнүнө карата басымдуулук кылган бааны пайдаланат;

(b) ишкана бул бааларды жалпы инфляциядан улам баанын келечектеги көбөйүшүн, ошондой эле баанын келечектеги спецификалык көбөйүшүн же азайышын эске алуу менен оңдоп-түзөйт. Бирок, эгерде активди жана дисконттоо ставкасын пайдаланууну улантуудан акча каражаттарынын келечектеги агымдарынын эсептик баасы жалпы инфляциянын натыйжасын камтыбаса, ишкана ошондой эле бул натыйжаны чыгып калуу учурунда акча каражаттарынын таза агымдарынын баасынан алып салууга тийиш.

53A Адилет нарк колдонуу баалуулугунан айырмаланат. Адилет нарк рыноктун катышуучулары активдин баасын белгилөө учурунда колдонушу мүмкүн болгон божомолдорду чагылдырат. Жана тескерисинче, пайдалануунун натыйжалуулугу бул ишкана үчүн мүнөздүү болушу мүмкүн болгон жана жалпысынан ишканаларга карата колдонулбай турган факторлордун таасирин чагылдырат. Мисалы, эгерде төмөнкүдөй

факторлор рыноктун катышуучулары үчүн жалпыга жеткиликтүү болуп саналбаса, адилет нарк алардын бирин да чагылдырбайт:

(a) активдердин тобунан алынган кошумча наркты (мисалы, ар башка жерлерде жайгаштырылган инвестициялык кыймылсыз мүлктүн портфелин түзүүнүн натыйжасында);

(b) бааланган активдин жана башка активдердин ортосундагы синергетикалык натыйжаны;

(c) активдин учурдагы ээси үчүн мүнөздүү болгон юридикалык укуктарды же укуктук чектөөлөрдү; жана

(d) активдин учурдагы ээси үчүн мүнөздүү болгон салыктык жеңилдиктерди же салыктык жүктү.

**Чет өлкөлүк валютадагы акча каражаттарынын келечектеги агымдары**

54 Акча каражаттарынын келечектеги агымдары акча каражаттарынын агымдары түзүлө турган валютада бааланат, андан соң ушундай валютага ылайык келген дисконттоо ставкасын пайдалануу менен дисконттолот. Ишкана келтирилген наркты колдонуу баалуулугун эсептөө күнүнө карата учурдагы алмашуу курсун пайдалануу менен которот.

**Дисконттоо ставкасы**

**55 Дисконттоо ставкасы (ставкалары) салык салынганга чейинки ставка (ставкалар) болуп саналат жана төмөнкүлөрдүн учурдагы рыноктук бааларын чагылдырат:**

**(a) акчалардын убакыт ичиндеги наркынын; жана**

**(b) ушул активге мүнөздүү болгон жана алар боюнча акча каражаттарынын келечектеги агымдарынын эсептик бааларын оңдоп-түзөө жүргүзүлбөгөн тобокелдиктердин.**

56 Акчалардын убакыт ичиндеги наркынын учурдагы рыноктук бааларын жана тиешелүү активге мүнөздүү тобокелдиктерди чагылдырган ставка, эгерде инвесторлор акча каражаттарынын кыймылын, суммаларды, убакытта бөлүштүрүүнү жана ишкана активден алууга ниеттенип жаткандарга эквиваленттүү тобокелдик түзүмүн түзө турган инвестициялоо вариантын тандоого тийиш болсо, инвесторлор талап кыла турган кайтарымды билдирет. Бул ставка окшош активдер үчүн рыноктогу учурдагы бүтүмдөрдөн келип чыккан ставка боюнча же пайдалуу потенциалдын жана тобокелдиктердин көз карашынан каралып жаткан активге окшош жалгыз активи (же активдердин портфели) бар фонд биржасында катталган ишкананын капиталынын орточо эсептелген наркына таянуу менен бааланат. Бирок, активди колдонуу баалуулугун баалоо үчүн пайдаланылган дисконттоо ставкасы (ставкалары) акча каражаттарынын келечектеги агымдарынын эсептик баасы аларды эске алуу менен оңдоп-түзөлгөн тобокелдиктерди чагылдырууга тийиш эмес. Андай болбогон учурда, айрым божомолдордун натыйжасы эки жолу эске алынат.

57 Эгерде конкреттүү активге тиешелүү ставка түздөн-түз рынокто алынышы мүмкүн болсо, ишкана дисконттоо ставкасын аныктоо үчүн суррогаттык маалыматтарды пайдаланат. А

тиркемесинде ушундай учурда дисконттоо ставкаларын баалоо боюнча кошумча көрсөтмөлөр келтирилген.

## Нарктын түшүшүнөн зыяндарды таануу жана баалоо

58 59 – 64-пункттарда гудвилден айырмаланган өзүнчө актив үчүн нарктын түшүшүнөн зыяндарды таануу жана баалоо үчүн талаптар белгиленген. Жаратуучу бирдик жана гудвил үчүн нарктын түшүшүнөн зыяндарды таануу жана баалоо 65 – 108-пункттарда каралган.

**59 Эгерде активдин орду толтурулуучу наркы анын баланстык наркынан аз болсо гана, активдин баланстык наркы анын орду толтурулуучу наркына чейин азайтылат. Ушундай азайтуу нарктын түшүшүнөн зыян болуп саналат.**

**60 Эгерде актив башка стандартка ылайык (мисалы, ФОЭС (IAS) 16дагы кайталап бааланган нарк боюнча эсепке алуу моделине ылайык) кайталап бааланган нарк боюнча эске алынбаса, нарктын түшүшүнөн зыяндар токтоосуз пайдада жана зыяндарда таанылат. Ушул башка стандартка ылайык кайталап бааланган активдин наркы түшүшүнөн ар кандай зыяндар кайталап баалоонун суммасынын азайышы катары эске алынууга тийиш.**

61 Кайталап бааланбаган активдин наркы түшүшүнөн зыяндар пайдада жана зыяндарда таанылат. Бирок кайталап бааланган актив жагынан нарктын түшүшүнөн зыяндар башка жыйынды кирешенин курамында нарктын түшүшүнөн зыяндар ушундай активди кайталап баалоодон нарктын кошумча өсүшүнүн суммасынан ашпаган өлчөмдө таанылат. Кайталап бааланбаган активдин наркы түшүшүнөн ушундай зыяндар бул активди кайталап баалоодон нарктын өсүшүнүн суммасын азайтат.

**62 Эгерде нарктын түшүшүнөн зыянды баалоонун (же зыяндын) суммасы алар кирген активдин баланстык наркынан көп болсо, ишкана, эгерде бул башка стандарт тарабынан талап кылынган болсо гана, милдеттенмени таанууга тийиш.**

**63 Активдин кайра каралган баланстык наркын бөлүштүрүү үчүн анын калдык наркын (бул келип чыккан учурда) алып салуу менен анын пайдалуу кызмат мөөнөтүнүн ичинде туруктуу негизде, нарктын түшүшүнөн зыяндар таанылгандан кийин актив жагынан амортизациялык чегерүүлөр келечектеги мезгилдерде оңдоп-түзөлөт.**

64 Нарктын түшүшүнөн зыяндар таанылган учурда ар кандай тиешелүү кийинкиге калтырылган салыктык активдер же милдеттенмелер активдин кайра каралган баланстык наркын анын салыктык базасы менен салыштыруу аркылуу ФОЭС (IAS) 12ге ылайык аныкталат (3-көрсөтмөлүү мисалды караңыз).

## Акча каражаттарын жаратуучу бирдиктер жана гудвил

65 66 – 108-пункттарда жана С тиркемесинде актив таандык болгон жаратуучу бирдикти идентификациялоо жана жаратуучу бирдиктердин жана гудвилдин баланстык наркын аныктоо, ошондой эле алардын наркынын түшүшүнөн зыяндарды таануу үчүн талаптар белгиленген.

### Актив таандык болгон жаратуучу бирдикти идентификациялоо

**66 Эгерде активдин ыктымалдуу наркы түшүшүнүн кандайдыр-бир белгилери бар болсо, орду толтурулуучу нарк өзүнчө актив үчүн бааланууга тийиш. Эгерде өзүнчө активдин орду толтурулуучу наркын баалоо мүмкүн болбосо, ишкана актив таандык болгон жаратуучу бирдиктин (активдин акча каражаттарын жаратуучу бирдиги) орду толтурулуучу наркын аныктайт.**

67 Өзүнчө активдин орду толтурулуучу наркы аныкталышы мүмкүн эмес, эгерде:

(a) активди колдонуу баалуулугу сатуу чыгымдары алып салынган анын адилет наркына жакындабаса (мисалы, эгерде активди улантылып жаткан пайдалануудан акча каражаттарынын келечектеги агымдары баалоолор боюнча өтө эле аз болушу мүмкүн болбосо); жана

(b) актив башка активдерден акча каражаттарынын киришинен кыйла даражада көз карандысыз акча каражаттарынын киришин жаратпаса.

Мындай учурларда колдонуу баалуулугу жана тиешелүү түрдө орду толтурулуучу нарк активдин жаратуучу бирдиги үчүн гана аныкталышы мүмкүн.

| **Мисал** |
|---|
| Кен казып алуучу ишкана өзүнүн кен казып алуу боюнча ишмердүүлүгүн камсыз кылуу үчүн жеке темир жолго ээ. Жеке темир жол сыныктардын наркы боюнча гана сатылышы мүмкүн жана ал шахтанын башка активдери боюнча акча каражаттарынын киришине кыйла даражада көз карандысыз болгон акча каражаттарынын киришин жаратпайт.<br>*Жеке темир жолдун орду толтурулуучу наркын баалоо мүмкүн эмес, анткени анын колдонуу баалуулугу аныкталышы мүмкүн эмес жана, кыязы, сыныктын наркынан айырмаланат. Демек, ишкана темир жол таандык болгон жаратуучу бирдиктин, башкача айтканда, бүтүндөй алганда шахтанын орду толтурулуучу наркын баалайт.* |

68 6-пунктка ылайык, активдин жаратуучу бирдиги – бул активдердин алда канча аз тобу, ал ушул активди камтыйт жана башка активдерден же активдердин тобунан акча каражаттарынын киришине кыйла даражада көз карандысыз болгон акча каражаттарынын киришин жаратат. Активдин жаратуучу бирдигин идентификациялоо үчүн ой жүгүртүү пайдаланылат. Эгерде орду толтурулуучу нарк өзүнчө актив үчүн аныкталышы мүмкүн болбосо, ишкана акча каражаттарынын кыйла даражада көз карандысыз киришин жарата турган активдердин алда канча аз жыйындысын айкындайт.

| **Мисал** |
|---|
| Автобустук компания муниципалитет менен келишим боюнча кызмат көрсөтөт, ал өз-өзүнчө беш маршруттун ар бириндe минимум тейлөөнү караштырат. Ар бир маршрут үчүн бөлүнгөн активдер жана ар бир маршруттан акча каражаттарынын агымдары өз-өзүнчө идентификацияланышы мүмкүн. Маршруттардын бири кыйла зыяндар менен иштейт.<br>*Ишкана автобустук маршруттардын бирин да кыскарта албагандыктан, башка активдерден же активдердин топторунан акча каражаттарынын киришине көбүнесе көз карандысыз болгон акча каражаттарынын идентификациялануучу киргүүлөрүнүн эң төмөн деңгээли бул бирге алганда беш маршруттан акча каражаттарынын кириши. Ар бир маршрут үчүн жаратуучу бирдик болуп бүтүндөй алганда автобустук компания саналат.* |

69 Акча каражаттарынын кириши – булар ишканага карата тышкы тараптардан алынган акча каражаттарынын же акча эквиваленттеринин кириши. Активден (же активдердин тобунан) акча каражаттарынын кириши башка активдерден (же активдердин тобунан) акча каражаттарынын киришине кыйла даражада көз карандысыз болуп саналаарын же жоктугун аныктоодо ишкана ар кандай факторлорду, анын ичинде жетекчилик ишкананын ишин (мисалы, продукциянын ассортименти боюнча, ишмердүүлүктүн түрлөрү боюнча, конкреттүү жайгашкан жери, райондор же региондор боюнча) кандай контролдоп жатканын, жетекчилик ишкананын активдерин жана ишмердүүлүктүн түрлөрүн пайдаланууну улантуу же активдердин чыгып калышы жөнүндө чечимдерди кабыл алышынын тартибин карайт. 1-көрсөтмөлүү мисал жаратуучу бирдикти идентификациялоого арналган.

**70 Эгерде актив же активдердин тобу тарабынан өндүрүлүүчү продукция үчүн рынок бар болсо, мындай актив же активдердин тобу, продукциянын бир бөлүгү же ал бүт бойдон ички муктаждыктар үчүн колдонулган учурда да, жаратуучу бирдик катары идентификацияланат. Эгерде кандайдыр-бир актив же жаратуучу бирдик тарабынан түзүлүүчү акча каражаттарынын кириши ички трансферттик баалардын таасирине дуушарланып жатса, ишкана келечектеги бааны (бааларды) жетекчилик тарабынан алда канча мыкты эсептик баалоону колдонууга тийиш, алар төмөнкүлөрдү эсептөө учурунда көз карандысыз тараптардын ортосундагы бүтүмдө камсыз кылынышы мүмкүн:**

**(a) активди же жаратуучу бирдикти колдонуу баалуулугун аныктоо үчүн пайдаланылуучу акча каражаттарынын келечектеги кирүүлөрүн; жана**

**(b) (b) ички трансферттик баалардын таасирине дуушарланып жаткан ар кандай башка активдерди же жаратуучу бирдиктерди колдонуу баалуулугун аныктоо үчүн пайдаланылуучу акча каражаттарынын келечектеги чыгышын.**

71 Актив же активдердин тобу тарабынан өндүрүлгөн бүткүл продукцияны же анын бир бөлүгүн ишкананын башка жаратуучу бирдиктери пайдаланган күндө да (мисалы, даярдоонун ортолук стадиясындагы продукция), бул актив же активдердин тобу, эгерде ишкана продукцияны активдүү рынокто сатышы мүмкүн болсо, өзүнчө жаратуучу бирдикти калыптандырат. Бул орун алганынын себеби, актив же активдердин тобу акча каражаттарынын киришин жарата алар эле, алар башка активдерден же активдердин топторунан акча каражаттарынын киришине кыйла даражада көз карандысыз болмок. Эгерде ички трансферттик баалар көз карандысыз тараптардын ортосундагы бүтүмдө камсыз кылышы мүмкүн болгон келечектеги бааларды жетекчилик тарабынан алда канча мыкты эсептик баалоону чагылдырбаса, ушундай жаратуучу бирдикке же ар кандай башка активге же ички трансферттик баалардын таасирине дуушарланып жаткан жаратуучу бирдикке таандык болгон, финансылык бюджеттерин/болжолдордун маалыматтарына негизделген маалыматты пайдаланууда ишкана мындай маалыматты оңдоп-түзөөгө тийиш.

**72 Эгерде өзгөртүү негиздүү болуп саналбаса гана, жаратуучу бирдиктер бир эле актив же активдердин топтору үчүн бир мезгилден башкасына өтүшүнө ырааттуу идентификацияланууга тийиш.**

73 Эгерде ишкана актив ал мурдагы мезгилдерге таандык болгон бирдиктерден айырмаланган жаратуучу бирдикке кирет деп же активдин жаратуучу бирдигине бириккен активдердин типтери өзгөрдү деп аныктаса, эгерде ушундай жаратуучу бирдик үчүн нарктын

түшүшүнөн зыяндар таанылса же орду толтурулса, 130-пункт ушундай жаратуучу бирдик жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүүнү карайт.

## Жаратуучу бирдиктин орду толтурулуучу наркы жана балансттык наркы

74 Жаратуучу бирдиктин орду толтурулуучу наркы – бул төмөнкүдөй чоңдуктардын кайсынысы көп экенине жараша сатуу чыгымдары алып салынган адилет нарк же колдонуу баалуулугу. Жаратуучу бирдиктин орду толтурулуучу наркын аныктоонун контекстинде «активге» 19 – 57-пункттардагы ар кандай шилтеме «жаратуучу бирдикке» шилтеме деп эсептелет.

**75 Жаратуучу бирдиктин балансттык наркы жаратуучу бирдиктин орду толтурулуучу наркын аныктоо методуна ылайык келген негизде аныкталат.**

76 Жаратуучу бирдиктин балансттык наркы:

(a) жаратуучу бирдикке акылга сыярлык жана ырааттуу негизде тикелей таандык кылынышы же бөлүштүрүлүшү мүмкүн болгон жана жаратуучу бирдиктин колдонуу баалуулугун аныктоо үчүн колдонулуучу акча каражаттарынын киришин келечекте камсыз кыла турган активдердин гана балансттык наркын камтыйт;

(b) эгерде жаратуучу бирдиктин орду толтурулуучу наркын бул милдеттенмени эсепке албай туруп аныктоо мүмкүн болбосо, таанылган милдеттенменин балансттык наркын камтыбайт.

Бул орун алганынын себеби, сатуу чыгымдары алып салынган адилет нарк жана жаратуучу бирдиктин колдонуу баалуулугу жаратуучу бирдиктин бир бөлүгү болуп саналбаган активдерге кирген акча каражаттарынын кыймылын жана таанылган милдеттенмелерди эсепке албастан аныкталат (28 жана 43-пункттарды караңыз).

77 Орду толтурулуучу наркты баалоо үчүн активдерди топтоштурган учурда акча каражаттарынын тиешелүү киришин жараткан же демейде камсыз кылган бардык активдерди жаратуучу бирдикке кошуу маанилүү. Андай болбогон учурда, жаратуучу бирдик толугу менен орду толтурулуучу нарк болуп саналгандай көрүнүшү мүмкүн, бирок иш жүзүндө зыяндар нарктын түшүшүнөн келип чыккан. Айрым учурларда, айрым активдер жаратуучу бирдиктин акча каражаттарынын келечектеги эсептик агымдарын түзүүгө катышканына карабастан, алар эсептеги ырааттуулукту бузбастан ушундай жаратуучу бирдикке негиздүү киргизилиши мүмкүн. Бул гудвилдин же башкы офистин активдери сыяктуу корпоративдик активдердин учурунда адилеттүү болушу мүмкүн. 80 – 103-пункттарда нарктын түшүшү жагынан жаратуучу бирдикти текшерүү учурунда ушундай активдерди эмне кылуу керектигинин түшүндүрмөсү камтылган.

78 Акча каражаттарын жарата турган бирдиктин орду толтурулуучу наркын аныктоо үчүн айрым таанылган милдеттенмелерди талдоо зарыл болушу мүмкүн. Бул, эгерде акча каражаттарын жарата турган бирдиктин чыгып калышы сатып алуучуга өзүнө милдеттенмелерди кабыл алууну талап кылса, орун алышы мүмкүн. Бул учурда акча каражаттарын жарата турган бирдиктин чыгып калышына чыгымдарды (же толук чыгып калганга чейин акча каражаттарынын агымын эсептик баалоо) алып салганда адилет нарк чыгып калуу чыгымдарын алып салуу менен милдеттенме менен бирге акча каражаттарын жарата турган бирдик түрүндө активдерди сатуунун баасы болуп саналат. Жаратуучу

бирдиктин балaнстык наркын жана анын орду толтурулуучу наркын анык салыштырууну жүргүзүү үчүн жаратуучу бирдиктин колдонуу баалуулугун, ошондой эле баланстык наркты аныктоодо милдеттенменин баланстык наркы алып салынат.

| **Мисал** |
|---|
| Компания өлкөдөгү шахтаны эксплуатациялайт, андагы мыйзамдарда кен казып алуу ишмердүүлүгү аяктагандан кийин ээси ээлеген участокту калыбына келтирүүгө тийиш деп каралган. Калыбына келтирүүгө чыгымдар кен казып алуу башталганга чейин жок кылынууга тийиш болгон тосуучу тектерди калыбына келтирүүнү камтыйт. Тосуучу тектерди калыбына келтирүүгө чыгымдар боюнча баалоо резерви алар жок кылынгандан кийин дароо таанылган. Резервге коюлган каражаттар кен казып алууга чыгашалардын курамында таанылган жана шахтанын пайдалуу кызмат мөөнөтүнүн ичинде амортизацияланат. Калыбына келтирүүгө чыгымдар боюнча баалоо резервинин баланстык наркы 500[(a)] акча бирдигин түзөт.<br><br>Ишкана нарктын түшүшүнө карата шахтаны текшерет. Негизинен, шахтанын өзү шахта үчүн жаратуучу бирдик болуп саналат. Ишкана 800 а.б. жакын баа боюнча шахтаны сатып алууга бир нече сунуштарды алды. Бул баа сатып алуучу тосуучу тектерди калыбына келтирүү боюнча милдеттенмени өзүнө алышын чагылдырат. Шахтаны сатуунун наркы өтө эле төмөн. Калыбына келтирүү боюнча чыгымдарды кошпогондо, шахтанын колдонуу баалуулугу болжол менен 1200 а.б. түзөт. Шахтанын баланстык наркы 1 000 а.б. барабар..<br><br>*Жаратуучу бирдиктин сатуу чыгымдары алып салынган адилет наркы 800 акча бирдигин түзөт. Бул сумма баалоо резервинде буга чейин каралган калыбына келтирүүгө чыгымдарды эске алат. Тиешелүү түрдө, жаратуучу бирдиктин колдонуу баалуулугу калыбына келтирүүгө чыгымдарды эске алгандан кийин аныкталат жана эсептер боюнча 700 акча бирдигин түзөт (1200 а.б. минус 500 а.б.). Жаратуучу бирдиктин баланстык наркы 500 акча бирдигин түзөт, бул өзүнө шахтанын баланстык наркын (1000 а.б.) минус калыбына келтирүүгө чыгымдар боюнча баалоо резервинин баланстык наркын (500 а.б.) камтыйт. Тиешелүү түрдө, жаратуучу бирдиктин орду толтурулуучу наркы анын баланстык наркынан ашат.* |
| (a) Ушул стандартта акчалай суммалар «акча бирдиктеринде» (а.б.) көрсөтүлгөн. |

79 Практикалык ой-пикирлер боюнча кээде жаратуучу бирдиктин орду толтурулуучу наркы жаратуучу бирдикке кирбеген активдерди (мисалы, дебитордук карыз же башка финансылык активдер) же таанылган милдеттенмелерди (мисалы, кредитордук карыз, пенсиялык төлөмдөр жана башка резервдер) эсепке алгандан кийин аныкталат. Мындай учурларда жаратуучу бирдиктин баланстык наркы ушундай активдердин баланстык наркынын суммасына көбөйөт жана ушундай милдеттенмелердин баланстык наркынын суммасына азаят.

## Гудвил

*Гудвилди жаратуучу бирдикке таандык кылуу*

**80 Нарктын түшүшүн текшерүү контекстинде, бизнести бириктирүүнүн натыйжасында ээ болгон гудвил ага ээ болгон күндөн тартып сатып алуучунун бардык жаратуучу бирдиктерине же жаратуучу бирдиктеринин топторуна бөлүштүрүлүүгө тийиш, алар болжол менен ээ болуп жаткан тараптын башка активдер менен милдеттенмелери бул бирдиктерге же бирдиктердин топторуна киргизилгенине же жоктугуна карабастан биригүүнүн натыйжасында синергиядан утушка ээ болот. Гудвил ушундай түрдө аларга бөлүштүрүлгөн ар бир бирдик же бирдиктердин тобу төмөнкүдөй болууга тийиш:**

**(a) ички башкаруунун максаттары үчүн гудвилге көз салынышы мүмкүн болгон ишкананын эң төмөн деңгээлин билдирүүгө; жана**

**(b) «Операциялык сегменттер» ФОЭС (IFRS) 8дин 5-пунктунда аныкталгандай, агрегациялоого чейин операциялык сегменттен ири болбоого.**

81 Бизнести бириктирген учурда таанылган гудвил бизнести бириктирүү учурунда ээ болуучу, жеке идентификацияланбай жана өзүнчө таанылбай турган башка активдерден келечектеги экономикалык пайданы билдирген актив болуп саналат. Гудвил башка активдерге же активдердин топторуна карабастан акча каражаттарынын агымдарын түзбөйт, бирок көп учурда көп сандаган жаратуучу бирдиктердин акча каражаттарынын кыймылына катышат. Кээде гудвил айрым жаратуучу бирдиктерге эмес, жаратуучу бирдиктердин топторуна гана негиздүү бириктирилиши мүмкүн. Ошондуктан кээде ички башкаруунун максаттары үчүн гудвилге көз салынган ишкананын эң төмөн деңгээли ал байланышкан, бирок аларга киргизилиши мүмкүн болбогон бир катар жаратуучу бирдиктерди камтыйт. 83 – 99-пункттарда жана С тиркемесинде жаратуучу бирдикке шилтемелер ошондой эле гудвил аларга бөлүштүрүлгөн жаратуучу бирдиктердин тобуна шилтемелер болуп саналат.

82 80-пункттун талаптарын колдонуу гудвил нарктын түшүшүнө ишкана өзүнүн ишмердүүлүгүн кандай түрдө жүзөгө ашыраарын жана гудвил табигый түрдө ассоциацияланышы мүмкүн экенин чагылдырган деңгээлде текшерилишине алып келет. Демек, отчеттуулуктун кошумча системаларын иштеп чыгууга демейде зарылчылык жок.

83 Нарктын түшүшү жагынан текшерүү максаттары үчүн гудвил таандык болгон жаратуучу бирдик курстук айырмадан пайданы жана зыяндарды баалоо максатында *«Валюталык курстардын өзгөрүүлөрүнүн таасири»* ФОЭС (IAS) 21ге ылайык гудвил таандык болгон деңгээлге дал келбеши мүмкүн. Мисалы, эгерде ФОЭС (IAS) 21ге ылайык курстук айырмадан пайданы жана зыяндарды баалоо максатында ишкана гудвилди салыштырмалуу төмөн деңгээлдерге киргизүүгө тийиш болсо, эгерде ишкана да ички башкаруунун максаттары үчүн бул деңгээлде гудвилге көз салбаса, андан ошол эле деңгээлде нарктын түшүшү боюнча гудвилди текшерүү талап кылынбайт.

84 Эгерде бизнести бириктирүүнүн натыйжасында ээ болгон гудвилди алгачкы таандык кылуу бизнести бириктирүү орун алган жылдык мезгилдин аягына чейин аякташы мүмкүн болбосо, ушундай алгачкы таандык кылуу ээ болгон күндөн кийин башталуучу биринчи жылдык мезгилдин аягына чейин аяктоого тийиш.

85 *«Бизнести бириктирүү»* ФОЭС (IFRS) 3кө ылайык, эгерде биригүү орун алган мезгилдин аягына чейин бизнести бириктирүүнү алгачкы эсепке алуу шарттуу гана жүргүзүлүшү мүмкүн болсо, сатып алуучу:

(a) шарттуу маанилерди пайдалануу менен биригүүнү эске алат; жана

(b) ээ болгон күндөн тартып он эки айдан ашууга тийиш болбогон баалоо мезгилинде алгачкы эсепке алууну аяктоонун натыйжасында ушундай шарттуу маанилерди ар кандай оңдоп-түзөөлөрдү тааныйт.

Мындай учурда ошондой эле өзгөртүп түзүү орун алган жылдык мезгилдин аягына чейин бизнести бириктирүү учурунда ээ болгон таанылган гудвилди алгачкы таандык кылууну да аяктоо мүмкүн эмес. Эгерде бул ушундай болсо, ишкана 133-пунктта каралган маалыматты ачып көрсөтөт.

© ФОЭС Фонду

86 Эгерде гудвил жаратуучу бирдикке киргизилсе жана ишкана ушул бирдик жүзөгө ашырып жаткан ишмердүүлүктү жойсо, чыгып калып жаткан ишмердүүлүк менен ассоциацияланууучу гудвил:

(a) чыгып калуудан пайданы же зыяндарды аныктоодо ишмердүүлүктүн балансрык наркына киргизилет; жана

(b) эгерде эле ишкана кандайдыр-бир башка метод чыгып калган ишмердүүлүк менен ассоциацияланууучу гудвилди жакшы чагылдыраарын көрсөтө албаса, чыгып калган ишмердүүлүктүн жана сакталган жаратуучу бирдиктин бир бөлүгүнүн салыштырма наркынын негизинде бааланат.

| **Мисал** |
| --- |
| Ишкана гудвил таандык кылынган жаратуучу бирдиктин бир бөлүгү болгон ишмердүүлүктү 100 акча бирдигине сатып жатат. Бул бирдикке киргизилген гудвил бирдиктин өзүнө караганда алда канча төмөн деңгээлде активдердин тобу менен негиздүү идентификацияланышы же ага таандык кылынышы мүмкүн эмес. Жаратуучу бирдиктин сакталган бөлүгүнүн орду толтурулуучу наркы 300 акча бирдигин түзөт.<br>Жаратуучу бирдикке таандык кылынган гудвил бирдиктин өзүнө караганда алда канча төмөн деңгээлде активдердин тобу менен идентификацияланышы же ага таандык кылынышы мүмкүн болбогондуктан, чыгып калган ишмердүүлүк менен ассоциацияланууучу гудвил чыгып калган ишмердүүлүктүн жана бирдиктин сакталган бөлүгүнүн салыштырма наркынын негизинде бааланат. Демек, жаратуучу бирдикке таандык кылынган гудвилдин 25 пайызы сатылган ишмердүүлүктүн балансрык наркына кошулат. |

**87 Эгерде ишкана өзүнүн отчеттук түзүмүн бул гудвил таандык кылынган бир же бир нече жаратуучу бирдиктердин курамын өзгөрткүдөй түрдө өзгөртүп түзсө, гудвилди өзгөртүп түзүү козгогон бирдикке кайталап киргизүү жүргүзүлүүгө тийиш. Эгерде ишкана башка метод өзгөртүп түзүлгөн бирдиктер менен ассоциацияланууучу гудвилди жакшы чагылдырат деп көрсөтө алса, гудвилди ушундай кайталап таандык кылуу ишкана жаратуучу бирдиктин бир бөлүгү болуп саналган ишмердүүлүктү жойгон учурда колдонулган методго окшош салыштырма нарк методун колдонуу менен жүргүзүлөт.**

| **Мисал** |
| --- |
| Гудвил мурда A жаратуучу бирдигине киргизилген. A'га киргизилген гудвил A'га караганда алда канча төмөн деңгээлдеги активдердин тобу менен негиздүү идентификацияланышы жана аларга таандык кылынышы мүмкүн эмес. A башка үч – B, C жана D жаратуучу бирдиктерине бөлүнүүгө жана интеграциялланууга тийиш.<br>A'га киргизилген гудвил A'га караганда алда канча төмөн деңгээлдеги активдердин тобу менен негиздүү идентификацияланышы жана аларга таандык кылынышы мүмкүн болбогондуктан, ал A'нын үч бөлүгүнүн салыштырма наркынын негизинде B, C жана D бирдиктеринин ичинде бул бөлүктөр B, C жана D'га интеграцияланганга чейин кайрадан бөлүштүрүлөт. |

*Жаратуучу бирдикти нарктын түшүшү жагынан гудвил менен тестирлөө*

**88 Анын ичинде 81-пунктта көрсөтүлгөндөй, гудвил жаратуучу бирдик менен байланышкан, бирок бул бирдикке киргизилген эмес, эгерде мындай бирдиктин баасы ыктымалдуу түшүшүнүн белгиси бар болсо, ал гудвилди анын орду толтурулуучу наркы менен эске албастан бирдиктин балансрык наркын салыштыруу**

**аркылуу нарктын түшүшү жагынан текшерилүүгө тийиш. Нарктын түшүшүнөн ар кандай зыяндар 104-пунктка ылайык таанылууга тийиш.**

89 Эгерде 88-пунктта баяндалган жаратуучу бирдик өзүнүн баланстык наркына кызмат кылуунун мөөнөтү айкын эмес материалдык эмес же пайдаланууга али даяр эмес активди камтыса жана мындай актив жаратуучу бирдиктин курамында гана нарктын түшүшү жагынан текшерилиши мүмкүн болсо, 10-пункт ушундай жаратуучу бирдик ошондой эле жыл сайын нарктын түшүшү жагынан текшерилишин белгилейт.

**90 Гудвил таандык кылынган жаратуучу бирдик нарктын түшүшү жагынан жыл сайын, ошондой эле нарктын түшүшү мүмкүн экендигинин белгилери болгондо, гудвилди анын орду толтурулуучу наркы менен кошуп алганда, бирдиктин баланстык наркын салыштыруу аркылуу текшерилүүгө тийиш. Эгерде бирдиктин орду толтурулуучу наркы анын баланстык наркынан ашса, мындай бирдик жана ага киргизилген гудвил баасы түштү деп эсептелбейт. Эгерде бирдиктин баланстык наркы анын орду толтурулуучу наркынан ашса, ишкана 104-пунктка ылайык нарктын түшүшүнөн зыяндарды таанышйт.**

91–95 [Алып салынган]

*Нарктын түшүшүнө карата текшерүүлөрдүн мөөнөттөрү*

**96 Гудвил таандык кылынган жаратуучу бирдикти наркынын түшүшү жагынан ар жылдагы текшерүү жыл мезгилинин ичинде каалаган учурда, мындай текшерүү жыл сайын бир эле учурда жүргүзүлгөн шартта, жүргүзүлүшү мүмкүн. Ар кандай жаратуучу бирдиктер нарктын түшүшү жагынан ар башка убакта жүргүзүлүшү мүмкүн. Бирок, эгерде жаратуучу бирдикке киргизилген гудвил же анын бир бөлүгү бизнести бириктирүү учурунда үстүдөгү жыл мезгилинин ичинде алынган болсо, мындай бирдик үстүдөгү жыл мезгилинин аягына чейин нарктын түшүшү жагынан текшерилүүгө тийиш.**

**97 Эгерде гудвил таандык кылынган жаратуучу бирдикти түзгөн активдер гудвилди камтыган бирдиктей эле убакта нарктын түшүшү боюнча текшерилсе, алар гудвилди камтыган бирдикке чейин нарктын түшүшү боюнча текшерилүүгө тийиш. Ушундай эле түрдө, эгерде гудвил таандык кылынган жаратуучу бирдиктердин тобун түзгөн жаратуучу бирдиктер гудвилди камтыган бирдиктердин тобундай эле убакта нарктын түшүшү боюнча текшерилсе, айрым бирдиктер гудвилди камтыган бирдиктердин тобуна чейин нарктын түшүшү боюнча текшерилүүгө тийиш.**

98 Гудвил таандык кылынган жаратуучу бирдикти нарктын түшүшү боюнча текшерүү учуруна карата гудвилди камтыган бирдиктин курамында болгон активдин наркы түшүшүнүн белгилери болушу мүмкүн. Мындай учурда ишкана адегенде активдин наркы түшүшүн текшерет жана ушундай актив үчүн нарктын түшүшүнөн зыяндарды гудвилди камтыган жаратуучу бирдиктин наркынын түшүшү текшерилгенге чейин таанышйт. Ушундай эле түрдө гудвилди камтыган бирдиктердин тобунун курамына кирген жаратуучу бирдиктин наркы түшүшүнүн белгилери болушу мүмкүн. Бул жагдайларда ишкана адегенде ушундай бирдик үчүн нарктын түшүшүнөн зыяндарды гудвил таандык кылынган бирдиктердин тобунун наркы түшүшүн текшерүүнү жүргүзгөнгө чейин таанышйт.

**99 Гудвил таандык кылынган жаратуучу бирдиктин орду толтурулуучу наркынын буга чейинки мезгилде жүргүзүлгөн соңку кең-кесири эсеби үстүдөгү мезгилде ушундай**

© ФОЭС Фонду

**бирдиктин наркы түшүшүн текшерүү үчүн төмөнкүдөй критерийлер сакталган шартта колдонулушу мүмкүн:**

**(a) бирдикти түзгөн активдер жана милдеттенмелер орду толтурулуучу наркты соңку эсептөө учурунан тартып олуттуу өзгөргөн жок;**

**(b) орду толтурулуучу наркты соңку эсептөөнүн натыйжасында бирдиктин балансттык наркынан кыйла ашкан сумма келип чыкты; жана**

**(c) орду толтурулуучу наркты соңку эсептөө учурунан тартып өткөн окуяларды жана ошол убактан тартып өзгөргөн жагдайларды талдоонун негизинде учурдагы орду толтурулуучу нарк бирдиктин балансттык наркынан төмөн болушу күмөн.**

**Корпоративдик активдер**

100 Корпоративдик активдер башкы офистин имараты, ишкананын бөлүмдөрү маалыматтарды электрондук иштетүү үчүн жабдуу же илим-изилдөө борбору сыяктуу топтордун же бөлүмдөрдүн активдерин камтыйт. Ишкананын түзүмү актив конкреттүү жаратуучу бирдик үчүн ушул стандартта келтирилген корпоративдик активдердин аныктамасына ылайык келээрин же жоктугун аныктайт. Корпоративдик активдердин айырмаланган белгилери болуп алар башка активдерге же активдердин топторуна карабастан акча каражаттарынын киришин жаратпаганы жана алардын балансттык наркы каралып жаткан жаратуучу бирдикке толугу менен киргизилиши мүмкүн эместиги саналат.

101 Эгерде жетекчилик активдин чыгып калышы жөнүндө чечим кабыл албаса, корпоративдик активдер өзүнөн өзү акча каражаттарынын киришин жаратпагандыктан айрым корпоративдик активдердин наркы аныкталышы мүмкүн эмес. Ушундан улам, эгерде корпоративдик активдин наркы ыктымалдуу түшүшүнүн белгилери бар болсо, орду толтурулуучу нарк жаратуучу бирдик же ушул актив таандык болгон жаратуучу бирдик же жаратуучу бирдиктердин тобу үчүн аныкталат жана ушул жаратуучу бирдиктин же жаратуучу бирдиктердин тобунун балансттык наркы менен салыштырылат. Нарктын түшүшүнөн ар кандай зыяндар 104-пунктка ылайык таанылат.

**102 Нарктын түшүшү боюнча жаратуучу бирдикти текшерүү учурунда ишкана каралып жаткан жаратуучу бирдикке таандык болгон бардык корпоративдик активдерди идентификациялайт. Эгерде корпоративдик активдин балансттык наркынын бир бөлүгү:**

**(a) ушундай бирдикке акылга сыярлык жана ырааттуу түрдө киргизилиши мүмкүн болсо, ишкана бирдиктин балансттык наркын, анын ичинде жаратуучу бирдикке киргизилген корпоративдик активдин балансттык наркынын бир бөлүгүн анын орду толтурулуучу наркы менен салыштырат. Нарктын түшүшүнөн ар кандай зыяндар 104-пунктка ылайык таанылууга тийиш;**

**(b) ушундай бирдикке акылга сыярлык жана ырааттуу түрдө киргизилиши мүмкүн болбосо, ишкана:**

**(i) корпоративдик активди кошпостон, бирдиктин балансттык наркын анын орду толтурулуучу наркы менен салыштырат жана нарктын түшүшүнөн ар кандай зыянды 104-пунктка ылайык таанынйт;**

© ФОЭС Фонду

**(ii)** **ага каралып жаткан жаратуучу бирдик киргизилип жаткан жана ага корпоративдик активдин баланстык наркынын бир бөлүгү негиздүү жана ырааттуу киргизилиши мүмкүн болгон жаратуучу бирдиктердин алда канча аз тобун идентификациялайт; жана**

**(iii)** **жаратуучу бирдиктердин ушундай тобунун баланстык наркын, анын ичинде бирдиктердин ушундай тобуна киргизилген корпоративдик активдин баланстык наркынын бир бөлүгүн бирдиктердин ушул тобунун орду толтурулуучу наркы менен салыштырат. Нарктын түшүшүнөн ар кандай зыяндар 104-пунктка ылайык таанылууга тийиш.**

103 8-көрсөтмөлүү мисалда ушул талаптарды корпоративдик активге карата колдонуу көрсөтүлгөн.

## Жаратуучу бирдиктин наркы түшүшүнөн зыян

**104** **Эгерде бирдиктин (бирдиктердин тобунун) орду толтурулуучу наркы бирдиктин (бирдиктердин тобунун) баланстык наркынан аз болсо гана, нарктын түшүшүнөн зыян жаратуучу бирдик (гудвил же корпоративдик актив таандык кылынган жаратуучу бирдиктердин алда канча аз тобу) үчүн таанылат. Нарктын түшүшүнөн зыяндар бирдиктин (бирдиктердин тобунун) баланстык наркынын азайышына төмөнкүдөй түрдө багытталат:**

**(a)** **адегенде жаратуучу бирдикке (бирдиктердин тобуна) таандык кылынган ар кандай гудвилдин баланстык наркынын азайышына; жана**

**(b)** **андан соң бирдиктеги (бирдиктердин тобундагы) ар бир активдин баланстык наркына пропорциялуу түрдө бирдиктин (бирдиктердин тобунун) башка активдерине.**

**Баланстык нарктын ушул азаюулары өзүнчө активдер боюнча нарктын түшүшүнөн зыяндар катары каралууга жана 60-пунктка ылайык таанылууга тийиш.**

**105** **Нарктын түшүшүнөн зыяндарды бөлүштүрүүдө 104-пунктка ылайык ишкана активдин баланстык наркын төмөндө саналгандардын ичинен эң жогоркусунан төмөн азайтууга тийиш эмес;**

**(a)** **чыгып калуу чыгымдары алып салынган анын адилет наркынан (эгерде аларды баалоого мүмкүн болсо);**

**(b)** **анын колдонуу баалуулугунан (эгерде аны аныктоого мүмкүн болсо); жана**

**(c)** **нөлдөн.**

**Андай болбогон учурда активге таандык кылынышы мүмкүн болгон нарктын түшүшүнөн зыяндын суммасы бирдиктин (бирдиктердин тобунун) башка активдерине пропорционалдуу таандык кылынууга тийиш.**

106 Эгерде жаратуучу бирдиктин ар бир өзүнчө активинин орду толтурулуучу наркын баалоо мүмкүн болбосо, гудвилди кошпогондо, ушул стандарт нарктын түшүшүнөн зыянды ушул бирдиктин активдеринин ортосунда эркин бөлүштүрүүнү белгилейт, анткени жаратуучу бирдиктин бардык активдери бирге иштейт.

107 Эгерде өзүнчө активдин орду толтурулуучу наркы аныкталышы мүмкүн болбосо (67-пунктту караңыз):

(a) активдин наркы түшүшүнөн зыяндар, эгерде анын баланстык наркы көлөмдөрдүн ичинен эң чоңунан жогору болсо: анын сатуу чыгымдары алып салынган адилет наркы же 104 жана 105-пункттарда баяндалган бөлүштүрүү жол-жоболорунун натыйжалары; жана

(b) эгерде тиешелүү жаратуучу бирдиктин наркы түшпөгөн болсо, активдин наркы түшүшүнөн эч бир зыян таанылбайт. Бул сатуу чыгымдары алып салынган активдин адилет наркы анын баланстык наркына караганда аз болгон күндө да колдонулат.

| **Мисал** |
|---|
| Механизмге физикалык зыян келтирилди, бирок бузулганга чейинкидей жакшы болбогонуна карабастан ал али иштеп жатат. Механизмдин сатуу чыгымдары алып салынган адилет наркы анын баланстык наркынан төмөн. Механизм акча каражаттарынын көз карандысыз киришин камсыз кылбайт. Механизм ага кирген жана башка активдерден акча каражаттарынын киришинен кыйла даражада көз карандысыз болуп саналган акча каражаттарынын киришин жаратуучу активдердин алда канча аз идентификацияланууччу тобу болуп, бул механизм кирген өндүрүштүк линия эсептелет. Өндүрүштүк линиянын орду толтурулуучу наркы мындай линиянын, бүтүндөй алганда, наркы түшпөгөнүн көрсөтүп турат.<br><br>1-божомол: Жетекчилик тарабынан бекитилген бюджеттер/болжолдор жетекчиликте механизмди алмаштыруу ниети жок экендиги жөнүндө тастыктап турат.<br><br>*Жалгыз эле механизмдин орду толтурулуучу наркы бааланышы мүмкүн эмес, анткени анын колдонуу баалуулугу:*<br><br>*(a) анын сатуу чыгымдары алып салынган адилет наркынан айырмаланышы мүмкүн; жана*<br><br>*(b) механизм (өндүрүштүк линия) кирген жаратуучу бирдик үчүн гана аныкталышы мүмкүн.*<br><br>*Өндүрүштүк линиянын наркы түшкөн жок. Тиешелүү түрдө, механизм үчүн нарктын түшүшүнөн эч бир зыян чагылдырылган эмес. Ошого карабастан, ишканага, балким, бул механизмди амортизациялоо мөөнөтүн же методун кайра баалоо талап кылынат. Балким, механизмдин пайдалуу кызматынын күтүлгөн калдык мөөнөтүн жана ишкана экономикалык пайдаларды кандай түрдө тескөөнү божомолдоп жатканын чагылдыруу үчүн амортизациянын алда канча кыска мөөнөтү же амортизациянын тездетилген методу зарыл.*<br><br>2-божомол: Жетекчилик тарабынан бекитилген бюджеттер/болжолдор механизмди алмаштырууга жана аны жакынкы келечекте сатууга жетекчиликтин ниетин чагылдырып турат. Механизм чыгып калганга чейин аны эксплуатациялоону улантуунун натыйжасында келип чыккан акча каражаттарынын агымдары өтө эле аз катары бааланат.<br><br>*Механизмдин колдонуу баалуулугу болжол менен анын сатуу чыгымдары алып салынган адилет наркына барабар катары баалануга тийиш. Тиешелүү түрдө, механизм (башкача айтканда, өндүрүштүк линия) таандык болгон жаратуучу бирдикти эске албастан анын өзүнүн орду толтурулуучу наркын аныктоого болот. Механизмдин сатуу чыгымдары алып салынган адилет наркы анын баланстык наркынан төмөн болгондуктан, механизмге карата нарктын түшүшүнөн зыян таанылат.* |

**108 Жаратуучу бирдик үчүн нарктын түшүшүнөн зыяндын калдык суммаларына карата 104 жана 105-пункттардын талаптары колдонулгандан кийин, эгерде бул башка ФОЭС тарабынан талап кылынса гана, милдеттенме таанылууга тийиш.**

## Нарктын түшүшүнөн зыянды калыбына келтирүү

109 110 – 116-пункттарда мурдагы мезгилдерде актив же жаратуучу бирдик жагынан нарктын түшүшүнөн зыянды калыбына келтирүү үчүн талаптар белгиленген. Бул талаптарда «актив» деген термин колдонулганына карабастан, бирок аны өзүнчө активге карата,

© ФОЭС Фонду

ошондой эле жаратуучу бирдикке карата колдонууга болот. Өзүнчө активдер үчүн кошумча талаптар – 117 – 121-пункттарда, жаратуучу бирдик үчүн – 122 жана 123-пункттарда, ал эми гудвил үчүн 124 жана 125-пункттарда баяндалган.

110 **Ар бир отчеттук жылдын аягына карата ишкана мурдагы мезгилдерде гудвилден айырмаланган актив үчүн таанылган нарктын түшүшүнөн зыяндар мындан ары жок экендигинин же азайгандыгынын белгилери бар экенин аныктоого тийиш. Ар кандай ушундай белги бар болгон учурда ишкана бул активдин орду толтурулуучу наркын баалоого тийиш.**

111 **Мурдагы мезгилдерде гудвилден айырмаланган актив үчүн таанылган нарктын түшүшүнөн зыяндар мындан ары жок экендигинин же азайгандыгынын белгилери бар экенин аныктоодо ишкана бери болгондо төмөнкүдөй маалыматты талдайт:**

### Маалыматтын тышкы булактары

**(a) мезгил ичинде активдин наркы кыйла өстү жана бул айдан ачык көрүнүп турат.**

**(b) ишкана үчүн жагымдуу натыйжаларга ээ болгон кыйла өзгөрүүлөр мезгил ичинде болуп өттү же ишкана ишмердүүлүгүн жүзөгө ашырып жаткан техникалык, рыноктук, экономикалык же укуктук шарттарда же актив ал үчүн арналган рынокто жакынкы келечекте болуп өтөт.**

**(c) инвестицияларга рыноктук пайыздык ставкалар же башка рыноктук ченемдер мезгил ичинде төмөндөдү жана бул төмөндөө, кыязы, колдонуу баалуулугун эсептөө учурунда колдонулуучу дисконттоо ставкалары үчүн олуттуу натыйжаларга ээ болот жана активдин орду толтурулуучу наркын олуттуу көбөйтөт.**

### Маалыматтын ички булактары

**(d) ишкана үчүн жагымдуу натыйжаларга ээ болгон кыйла өзгөрүүлөр мезгил ичинде болуп өттү же активди пайдалануунун (же болжолдуу пайдалануунун) интенсивдүүлүгү жана ыкмасы жагынан болжол менен жакынкы келечекте орун алышы мүмкүн. Бул өзгөрүүлөр активди пайдалануунун натыйжалуулугун жакшыртуу же жогорулатуу учурунда же болбосо актив пайдаланылып жаткан ишмердүүлүктү кайра түзүмдөштүрүү учурунда мезгил ичинде тарткан чыгымдарды камтыйт.**

**(e) ички отчеттуулуктан активдин экономикалык натыйжалуулугу жакшы же күтүлгөндөн жакшы болору көрүнүп турат.**

112 111-пунктта баяндалган нарктын түшүшүнөн зыяндын ыктымалдуу азайышынын белгилери 12-пунктта келтирилген нарктын түшүшүнөн ыктымалдуу зыяндын белгилерин алаканга салгандай көрсөтүп турат.

113 Гудвилден айырмаланган актив үчүн таанылган нарктын түшүшүнөн зыяндар, балким, мындан ары жок же азайды деген белгилер болгон учурда бул калган пайдалуу кызмат мөөнөтү, амортизациялоо (эсептен чыгаруу) методу же жоюу наркы, актив жагынан нарктын түшүшүнөн эч бир зыян калыбына келтирилбеген күндө да, бул актив жагынан

колдонулуп жаткан стандартка ылайык кайра кароого же оңдоп-түзөөгө муктаж болушу мүмкүн экенин көрсөтүшү мүмкүн.

**114 Эгерде нарктын түшүшүнөн соңку таанылган зыян учурунан тартып активдин орду толтурулуучу наркын аныктоо үчүн пайдаланылган эсептик баалоодо өзгөрүүлөр болуп өтсө гана, гудвилден айырмаланган актив үчүн мурдагы мезгилдерде таанылган нарктын түшүшүнөн зыяндар калыбына келтирилүүгө тийиш. Бул учурда, 117-пунктта көрсөтүлгөндөрдү кошпогондо, активдин баланстык наркы анын орду толтурулуучу наркына чейин көбөйтүлөт. Бул көбөйүү нарктын түшүшүнөн зыянды калыбына келтирүү болуп саналат.**

115 Нарктын түшүшүнөн зыянды калыбына келтирүү активди пайдалануу же болбосо аны сатуу менен байланышкан анын эсептик пайдалуу потенциалын бул актив жагынан нарктын түшүшүнөн зыянды ишкана соңку тааныган күндөн тартып көбөйтүүнү чагылдырат. 130-пункт ишкана андан улам эсептик пайдалуу потенциал көбөйтүлүп жаткан эсептик баалоолордун өзгөрүүсүн идентификациялоосун белгилейт. Эсептик баалоолордун өзгөрүшүнүн мисалдары төмөнкүлөрдү камтыйт:

(a) орду толтурулуучу нарк үчүн негиздин өзгөрүшүн (башкача айтканда, орду толтурулуучу нарк сатууга чыгашаларды алып салгандагы адилет наркка же колдонуу баалуулугуна негизделгенби);

(b) эгерде орду толтурулуучу нарк колдонуу баалуулгуна негизделген болсо, акча каражаттарынын суммасын өзгөртүү же келечектеги эсептик агымдарын убактылуу бөлүштүрүү же дисконттоо ставкаларын өзгөртүү; же

(c) эгерде орду толтурулуучу нарк сатуу чыгымдары алып салынган адилет наркка негизделген болсо, сатуу чыгымдары алып салынган адилет нарктын компоненттеринин эсептик баалоосун өзгөртүү.

116 Активдин колдонуу баалуулугу баланстык наркынан жогору болушу мүмкүн, себеби акча каражаттарынын келечектеги кирүүлөрүнүн келтирилген наркы алар жакындашына жараша көбөйөт. Бирок, активдин пайдалуу потенциалы көбөйгөн жок. Демек, нарктын түшүшүнөн зыян, эгерде активдин орду толтурулуучу наркы анын баланстык наркынан жогору болуп калган күндө да, кандайдыр-бир убакыт өткөндүгүнөн (бул кээде дисконттоонун «ачылышы» деп аталат) улам калыбына келтирилбейт.

## Өзүнчө актив үчүн нарктын түшүшүнөн зыянды калыбына келтирүү

**117 Нарктын түшүшүнөн зыянды калыбына келтирүүгө туура келген гудвилден айырмаланган активдин өскөн баланстык наркы, эгерде мурдагы мезгилдерде бул актив үчүн нарктын түшүшүнөн эч бир зыян таанылбаган болсо, аныктала турган баланстык нарктан (амортизациялык чегерүүлөрдү алып салганда) ашууга тийиш эмес.**

118 Эгерде мурдагы мезгилдерде бул актив үчүн нарктын түшүшүнөн эч бир зыян таанылбаган болсо, гудвилден айырмаланган активдин баланстык наркынын аныктала турган баланстык нарктын суммасынан (амортизациялык чегерүүлөрдү алып салганда) ашык ар кандай көбөйүшү кайталап баалоо болуп саналат. Мындай кайталап баалоону эсепке алуу учурунда ишкана активге карата колдонуудагы стандартты колдонот.

**119** **Эгерде актив башка стандартка (мисалы, ФОЭС (IAS) 16дагы кайталап бааланган нарк боюнча эсепке алуу моделин караңыз) ылайык кайталап бааланган нарк боюнча эсепке алынбаса гана, гудвилден айырмаланган актив үчүн зыянды калыбына келтирүү тез арада пайдада же зыяндарда таанылат. Ушул башка стандартка ылайык кайталап бааланган активдин наркы түшүшүнөн зыяндарды ар кандай калыбына келтирүү кайталап баалоонун суммасын көбөйтүү катары эске алынууга тийиш.**

120 Кайталап бааланган актив боюнча нарктын түшүшүнөн зыянды калыбына келтирүү башка жыйынды кирешенин курамында таанылат жана бул актив боюнча кайталап баалоодон нарктын кошумча өсүшүн көбөйтөт. Бирок ошол эле кайталап бааланган актив боюнча нарктын түшүшүнөн зыян мурда кандай өлчөмдө пайдада же зыяндарда таанылган болсо, ошондой өлчөмдө нарктын түшүшүнөн ушундай зыянды калыбына келтирүү да пайдада же зыяндарда таанылат.

**121** **Нарктын түшүшүнөн зыяндарды калыбына келтирүүнү тааныгандан кийин актив жагынан амортизациялык чегерүүлөр, анын жоюу наркын (эгерде ал бар болсо) алып салуу менен, активдин баланстык наркын кайра карап чыгууну эске алуу менен келечектеги мезгилдерде анын калган пайдалуу кызмат мөөнөтүнүн ичинде туруктуу негизде оңдоп-түзөлөт.**

## Жаратуучу бирдиктин наркы түшүшүнөн зыянды калыбына келтирүү

**122** **Гудвилди кошпогондо, жаратуучу бирдиктин наркы түшүшүнөн зыянды калыбына келтирүү бирдиктин активдерине ушул активдердин баланстык наркына пропорционалдуу түрдө тиешелүү болууга тийиш. Баланстык нарктын ушул көбөйүүлөрү өзүнчө активдер боюнча нарктын түшүшүнөн зыяндарды калыбына келтирүү катары каралууга жана 119-пунктка ылайык таанылууга тийиш.**

**123** **122-пунктка ылайык жаратуучу бирдик жагынан нарктын түшүшүнөн зыянды калыбына келтирүүнү бөлүштүрүү учурунда активдин баланстык наркы төмөнкүдөй маанилердин азынан ашык көбөйүүгө тийиш эмес:**

**(a)** **анын орду толтурулуучу наркынан (эгерде аны аныктоо мүмкүн болсо); жана**

**(b)** **эгерде мурдагы мезгилдерде ушул актив үчүн нарктын түшүшүнөн эч бир зыян таанылбаган болсо, (амортизациялык чегерүүлөрдү алып салганда) аныктала турган баланстык нарктан.**

**Андай болбогон учурда активге киргизилиши мүмкүн болгон нарктын түшүшүнөн зыянды калыбына келтирүүнүн суммасы, гудвилди кошпогондо, бирдиктин башка активдерине пропорционалдуу киргизилүүгө тийиш.**

## Гудвил үчүн нарктын түшүшүнөн зыяндарды калыбына келтирүү

124 Нарктын түшүшүнөн гудвил жагынан зыян кийинки мезгилде калыбына келтирилбейт.

125 *«Материалдык эмес активдер»* ФОЭС (IAS) 38 ички түзүлгөн гудвилди таанууга тыюу салат. Ушундай гудвилдин наркы түшүшүнөн зыянды тааныгандан кийинки мезгилдерде гудвилдин орду толтурулуучу наркынын ар кандай көбөйүшү ээ болгон гудвил үчүн таанылган нарктын түшүшүнөн зыянды калыбына келтирүү эмес, ички түзүлгөн гудвилди көбөйтүү болуп саналат.

© ФОЭС Фонду

## Маалыматты ачып көрсөтүү

**126 Ишкана активдердин ар бир түрү боюнча төмөнкүдөй маалыматтарды ачып көрсөтүүгө тийиш:**

**(a) мезгил ичинде пайдада же зыянда таанылган нарктын түшүшүнөн зыяндын суммасын жана нарктын түшүшүнөн ушул зыяндар чагылдырылган жыйынды киреше жөнүндө отчеттун сабын (саптарын);**

**(b) мезгил ичинде пайдада же зыянда таанылган нарктын түшүшүнөн зыяндарды калыбына келтирүүнүн суммасын жана нарктын түшүшүнөн ушул зыяндарды калыбына келтирүү чагылдырылган жыйынды киреше жөнүндө отчеттун сабын (саптарын);**

**(c) мезгил ичинде башка жыйынды кирешенин курамында таанылган кайталап бааланган активдер боюнча нарктын түшүшүнөн зыяндын суммасын;**

**(d) мезгил ичинде башка жыйынды кирешенин курамында таанылган кайталап бааланган активдер боюнча нарктын түшүшүнөн зыяндарды калыбына келтирүүнүн суммасын.**

127 Активдердин классы – ишкананын ишиндеги окшош мүнөздөгү жана пайдалануусу бирдей активдердин тобу.

128 126-пунктта талап кылынган маалымат активдердин ушул классы үчүн ачып көрсөтүлүүчү башка маалымат менен билдирилиши мүмкүн. Мисалы, бул маалымат ФОЭС (IAS) 16нын талаптарына ылайык мезгилдин башында жана аягында негизги фонддордун баланстык наркын текшерип салыштырууга киргизилиши мүмкүн.

**129 ФОЭС (IFRS) 8ге ылайык сегменттер боюнча отчет берип жаткан ишкана ар бир отчеттук сегмент боюнча ишкананын отчеттуулугунун баштапкы форматынын негизинде төмөнкүдөй маалыматты ачып көрсөтүүгө тийиш:**

**(a) мезгил ичинде пайдада же зыянда жана башка жыйынды кирешенин курамында таанылган нарктын түшүшүнөн зыяндын суммасын;**

**(b) мезгил ичинде пайдада же зыянда жана башка жыйынды кирешенин курамында таанылган нарктын түшүшүнөн зыяндарды калыбына келтирүү суммасын.**

**130 Ишкана аларга карата мезгил ичинде нарктын түшүшүнөн зыян таанылган же калыбына келтирилген өзүнчө актив (анын ичинде гудвил) же жаратуучу бирдик үчүн төмөнкүдөй маалыматты ачып көрсөтүүгө тийиш:**

**(a) нарктын түшүшүнөн зыянды таанууга же калыбына келтирүүгө алып келген окуялар жана жагдайлар;**

**(b) таанылган же калыбына келтирилген нарктын түшүшүнөн зыяндын суммасы;**

**(c) өзүнчө активдер жагынан:**

**(i) активдин мүнөзү; жана**

© ФОЭС Фонду

**(ii)** **эгерде ишкана ФОЭС (IFRS) 8ге ылайык сегменттер боюнча отчет берсе, ишкананын отчеттуулугунун алгачкы форматынын негизинде актив ага кирген отчеттук сегмент;**

**(d)** **жаратуучу бирдик жагынан:**

**(i)** **жаратуучу бирдиктин сыпаттамасы (мисалы, ФОЭС (IFRS) 8де аныкталгандай, ал продуктулук линия, өндүрүштүк ишкана, ишмердүүлүктүн түрү, географиялык регион же отчеттук сегмент болуп саналабы же жокпу);**

**(ii)** **активдердин класстары боюнча жана, эгерде ишкана ФОЭС (IFRS) 8ге ылайык сегменттер боюнча отчет берсе, отчеттук сегменттер боюнча таанылган же калыбына келтирилген нарктын түшүшүнөн зыяндын суммасы; жана**

**(iii)** **эгерде жаратуучу бирдиктин орду толтурулуучу наркын (эгерде ал бар болсо) мурдагы баалоо учурунан тартып ушундай бирдикти түзгөн активдердин тобу өзгөрсө, топту түзүүнүн учурдагы жана мурдагы ыкмасы жана жаратуучу бирдикти идентификациялоонун ыкмасы өзгөрүшүнүн себептери жөнүндө маалыматтар;**

**(e)** **активдин (жаратуучу бирдиктин) орду толтурулуучу наркы жана чыгып калуу чыгымдары алып салынган активдин (жаратуучу бирдиктин) орду толтурулуучу наркы анын адилет наркына же анын колдонуу баалуулугуна барабарбы же жокпу;**

**(f)** **эгерде чыгып калуу чыгымдары алып салынган орду толтурулуучу нарк адилет наркка барабар болсо, ишкана төмөнкүдөй маалыматты ачып көрсөтүүгө тийиш:**

**(i)** **бүтүндөй алганда, («чыгып калуу чыгымдары» байкоо жүргүзүлүүчү болуп саналаарын же жоктугун эске албаганда) активдин (жаратуучу бирдиктин) адилет наркынын баалоосу ага киргизилген адилет нарктын иерархиясынын деңгээли (ФОЭС (IFRS) 13тү караңыз);**

**(ii)** **адилет нарктын иерархиясынын 2-деңгээлине жана 3-деңгээлине киргизилген адилет наркты баалоо учурунда чыгып калуу чыгымдары алып салынган адилет наркты баалоо үчүн пайдаланылган баалоо моделинин (моделдеринин) сыпаттамасы. Эгерде баалоо моделинин өзгөрүүсү орун алган болсо, анда ишкана ушул өзгөрүү же анын себеби (себептери) жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүүгө тийиш; жана**

**(iii)** **адилет нарктын иерархиясынын 2-деңгээлине жана 3-деңгээлине киргизилген адилет наркты баалоо учурунда чыгып калуу чыгымдары алып салынганда жетекчилик анын негизинде адилет наркты аныктаган ар бир негизги божомол. Негизги божомолдор активдин (жаратуучу бирдиктин) орду толтурулуучу наркына алда канча сезгич божомолду билдирет. Эгерде чыгып калуу чыгымдары алып салынган адилет нарк келтирилген нарк боюнча баалоо моделин пайдалануу менен бааланса, анда ишкана ошондой эле учурдагы жана мурдагы**

**бааларды аныктоо учурунда колдонулган дисконттоо ставкасы (ставкалары) жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүүгө тийиш;**

**(g) эгерде орду толтурулуучу нарк колдонуу баалуулугуна барабар болсо, колдонуу баалуулугун учурдагы же мурдагы баалоодо (эгер бар болсо) пайдаланылган дисконттоо ставкасы (ставкалары).**

**131 Ишкана ал боюнча 130-пунктка ылайык маалымат ачып көрсөтүлбөгөн мезгилдин ичинде таанылган нарктын түшүшүнөн агрегацияланган зыяндар жана нарктын түшүшүнөн агрегацияланган калыбына келтирүүлөр жөнүндө төмөнкүдөй маалыматты ачып көрсөтүүгө тийиш:**

**(a) нарктын түшүшүнөн зыяндар козгогон активдердин негизги түрлөрү жана нарктын түшүшүнөн зыяндарды калыбына келтирүү козгогон активдердин негизги түрлөрү;**

**(b) нарктын түшүшүнөн ушундай зыяндарды таанууга жана нарктын түшүшүнөн зыяндарды калыбына келтирүүгө алып келген негизги окуялар жана жагдайлар.**

132 Мезгил ичинде активдердин (жаратуучу бирдиктердин) орду толтурулуучу наркын аныктоо үчүн колдонулган божомолдорду ишкана ачып көрсөтүшү кубатталат. Бирок, эгерде пайдалуу кызмат мөөнөтү айкын болбогон гудвил же материалдык эмес актив ушундай бирдиктин баланстык наркына киргизилген болсо, 134-пункт ишкана жаратуучу бирдиктин орду толтурулуучу наркын баалоо үчүн колдонулган эсептик баалоолор жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүшүн белгилейт.

**133 Эгерде, 84-пунктка ылайык, мезгил ичинде бизнести бириктирүү учурунда ээ болгон гудвилдин кандайдыр-бир бөлүгү отчеттук мезгилдин аягына карата жаратуучу бирдикке (бирдиктердин тобуна) киргизилбеген болсо, бөлүштүрүлбөгөн гудвилдин наркы эмне үчүн ушундай нарк бөлүштүрүлбөгөн бойдон калып жатканынын себептери менен бирге ачып көрсөтүлүүгө тийиш.**

## Пайдалуу кызмат мөөнөтү айкын болбогон гудвилди же материалдык эмес активдерди камтыган жаратуучу бирдиктердин орду толтурулуучу наркын баалоо үчүн колдонулган эсептик баалоолор

**134 Ишкана ал үчүн төмөнкүдөй бирдикке (бирдиктердин тобуна) киргизилген пайдалуу кызмат мөөнөтү айкын болбогон гудвилдин же материалдык эмес активдердин баланстык наркы ишкананын пайдалуу кызмат мөөнөтү айкын болбогон гудвилинин же материалдык эмес активдеринин жалпы баланстык наркына салыштырганда кыйла болуп саналган акча каражаттарын түзгөн ар бир бирдик (бирдиктердин тобу) боюнча (a) - (f) пункттарында каралган маалыматты ачып көрсөтүүгө тийиш:**

**(a) бирдикке (бирдиктердин тобуна) киргизилген гудвилдин баланстык наркын;**

**(b) бирдикке (бирдиктердин тобуна) киргизилген пайдалуу кызмат мөөнөтү айкын болбогон материалдык эмес активдердин баланстык наркын;**

© ФОЭС Фонду

**(c)** **бирдиктин (бирдиктердин тобунун) орду толтурулуучу наркы, башкача айтканда, колдонуу баалуулугу же чыгып калуу чыгымдары алып салынган адилет нарк андан аныкталган негизди;**

**(d)** **эгерде бирдиктин (бирдиктердин тобунун) орду толтурулуучу наркы колдонуу баалуулугуна негизделген болсо:**

**(i)** **ишкана эң соңку бюджеттерде/болжолдордо чагылдырылган мезгил үчүн акча каражаттарынын агымдарынын өз болжолун ага негиздеген ар бир негизги божомолдун сыпаттамасын. Бирдиктин (бирдиктердин тобунун) орду толтурулуучу наркы баарынан көбүрөөк байланыштуу болгон божомолдор негизги божомолдор болуп саналат.**

**(ii)** **жетекчилик ар бир өзөктүү божомолго берилген нарктын маанисин (маанилерин) аныктоодо колдонгон методдун сыпаттамасын; бул маани (маанилер) өткөн тажрыйбаны чагылдырабы же тиешелүү учурда ал (алар) маалыматтын тышкы булактары менен макулдашылабы жана, эгерде макулдашылбаса, өткөн тажрыйбадан же маалыматтын тышкы булактарынан айырмачылыктар кандай өлчөмдө жана эмне менен түшүндүрүлөт.**

**(iii)** **жетекчилик бекиткен бюджеттердин/болжолдордун негизинде жетекчилик акча каражаттарынын кыймылын болжолдогон мезгил жана бирдик (бирдиктердин тобу) үчүн беш жылдан ашык мезгилди пайдаланган учурда – ушундай алда канча узак мезгилди тандоонун негиздемесин.**

**(iv)** **соңку бюджеттер/болжолдор менен камтылган мезгилдин алкагынан тышкары акча каражаттарынын агымдарынын болжолдорун экстраполяциялоо үчүн пайдаланылган өсүш арымы жана продукция, тармактар, өлкө же ишкана аларда өз ишмердүүлүгүн аларда жүзөгө ашырып жаткан өлкөлөр үчүн же ушул бирдик (бирдиктердин тобу) арналган рынок үчүн узак мөөнөттүү орточо өсүш арымынан ашкан өсүш арымын пайдалануунун негиздемесин.**

**(v)** **келечектеги акча каражаттарынын агымдарынын перспективдүү баасын түзүү үчүн колдонулган дисконттоо ставкасын (ставкаларын).**

**(e)** **эгерде бирдиктин (бирдиктердин тобунун) орду толтурулуучу наркы чыгып калуу чыгымдары алып салынган адилет наркка негизделген болсо, чыгып калуу чыгымдары алып салынган адилет наркты баалоо үчүн колдонулган баалоо методун. Ишкана ФОЭС (IFRS) 13түн талаптарына ылайык маалыматты ачып көрсөтүүнү камсыз кылууга тийиш эмес. Эгерде чыгып калуу чыгымдары алып салынган адилет нарк бирдикке (бирдиктердин тобуна) окшош баага котировкалануучу бааны пайдалануу менен бааланбаса, ишкана төмөнкүдөй маалыматты ачып көрсөтүүгө тийиш:**

**(i)** **жетекчилик чыгып калуу чыгымдары алып салынган адилет нарктын аныктамасын негиздеген ар бир негизги божомолду. Бирдиктин (бирдиктердин тобунун) орду толтурулуучу наркы баарынан көбүрөөк байланыштуу болгон божомолдор негизги божомолдор болуп саналат.**

© ФОЭС Фонду

**(ii)** **жетекчилик ар бир өзөктүү божомолго берилген нарктын маанисин (маанилерин) аныктоодо колдонгон метод жөнүндө маалыматтарды; бул маани (маанилер) өткөн тажрыйбаны чагылдырабы же тиешелүү учурда алар маалыматтын тышкы булактары менен макулдашылабы жана, эгерде макулдашылбаса, өткөн тажрыйбадан же маалыматтын тышкы булактарынан айырмачылыктар кандай өлчөмдө жана эмне менен түшүндүрүлөт.**

**(iiA)** **бүтүндөй алганда, («чыгып калуу чыгымдары» байкоо жүргүзүлүшүн эске албастан) адилет наркты баалоо маалыматтары ага кирген адилет нарктын иерархиясындагы деңгээлди (ФОЭС (IFRS) 13тү караңыз).**

**(iiB)** **бул өзгөртүү жөнүндө маалыматты же анын себебин (себептерин) баалоо методуна кандайдыр-бир өзгөртүүлөрдү киргизүү учурунда.**

**Эгерде чыгып калуу чыгымдары алып салынган адилет нарк дисконттолгон акча каражаттарынын агымдарынын болжолдорун пайдалануу менен бааланса, ишкана төмөнкүдөй маалыматты ачып көрсөтүүгө тийиш:**

**(iii)** **ага карата жетекчилик акча каражаттарынын агымдарынын болжолдорун жасаган мезгилди.**

**(iv)** **акча каражататтарынын агымдарынын болжолдорун улантуу үчүн колдонулган өсүш арымын.**

**(v)** **акча каражаттарынын агымдарынын болжолдору жагынан колдонулган (колдонулуп келген) дисконттоо ставкасын (ставкаларын).**

**(f)** **эгерде жетекчилик бирдиктин (бирдиктердин тобунун) орду толтурулуучу наркын аныктоону ага негиздеген өзөктүү божомолдун мүмкүн болгон негиздүү өзгөртүүсү бирдиктин (бирдиктердин тобунун) баланстык наркы анын орду толтурулуучу наркынан ашышына алып келсе:**

**(i)** **бирдиктин (бирдиктердин тобунун) орду толтурулуучу наркы анын баланстык наркынан ашкан сумманы;**

**(ii)** **ар бир өзөктүү божомолго берилген нарктын маанисин;**

**(iii)** **ар бир өзөктүү божомолго берилген нарктын мааниси бирдиктин (бирдиктердин тобунун) орду толтурулуучу наркы анын баланстык наркына барабар болушу үчүн орду толтурулуучу наркты баалоо үчүн колдонулуучу башка өзгөрүлмөлөргө мындай өзгөртүүнүн ар кандай андан аркы таасирлерин эсепке алгандан кийин өзгөрүүгө тийиш болгон сумманы.**

**135** **Эгерде пайдалуу кызмат мөөнөтү айкын болбогон гудвилдин же материалдык эмес активдердин бүткүл баланстык наркы же анын айрым бир бөлүгү бир нече жаратуучу бирдиктердин (бирдиктердин топторунун) ортосунда бөлүштүрүлгөн болсо жана ар бир бирдикке (бирдиктердин тобуна) киргизилген сумма пайдалуу кызмат мөөнөтү айкын болбогон ишкананын гудвилинин же материалдык эмес активдеринин жалпы баланстык наркына салыштырганда орчундуу эмес болуп**

© ФОЭС Фонду

**саналса, мындай факт ушундай бирдиктерге (бирдиктердин топторуна) киргизилген пайдалуу кызмат мөөнөтү айкын болбогон гудвилдин же материалдык эмес активтердин топтолгон балanстык наркын көрсөтүү менен бирге ачып көрсөтүлүүгө тийиш. Мындан тышкары, эгерде ар кандай ушундай бирдиктердин (бирдиктердин топторунун) орду толтурулуучу наркы ошол эле өзөктүү божомолдорго негизделген болсо, ал эми аларга киргизилген пайдалуу кызмат мөөнөтү айкын болбогон гудвилдин же материалдык эмес активтердин топтолгон баланстык наркы бүткүл ишкананын пайдалуу кызмат мөөнөтү айкын болбогон гудвилинин же материалдык эмес активдеринин жалпы баланстык наркына салыштырганда орчундуу болуп саналса, ишкана бул жөнүндө билдирип, төмөнкүлөрдү көрсөтүүгө тийиш:**

**(a)** **ушундай бирдиктерге (бирдиктердин топторуна) киргизилген гудвилдин топтолгон баланстык наркын;**

**(b)** **ушундай бирдиктерге (бирдиктердин топторуна) киргизилген пайдалуу кызмат мөөнөтү айкын болбогон материалдык эмес активдердин топтолгон баланстык наркын;**

**(c)** **өзөктүү божомолдор жөнүндө маалыматтарды;**

**(d)** **жетекчилик өзөктүү божомолго берилген нарктын маанисин (маанилерин) аныктоодо колдонгон метод жөнүндө маалыматтарды; бул маани (маанилер) өткөн тажрыйбаны чагылдырабы же тиешелүү учурда ал (алар) маалыматтын тышкы булактары менен макулдашылабы жана, эгерде макулдашылбаса, өткөн тажрыйбадан же маалыматтын тышкы булактарынан айырмачылыктар кандай өлчөмдө жана эмне менен түшүндүрүлөт.**

**(e)** **эгерде өзөктүү божомолду (божомолдорду) негиздүү ыктымалдуу өзгөртүү бирдиктердин (бирдиктердин топторунун) жыйынды баланстык наркы алардын орду толтурулуучу жыйынды наркынан төмөнкүдөй ашышына алып келсе:**

**(i)** **бирдиктердин (бирдиктердин топторунун) орду толтурулуучу жыйынды наркы алардын жыйынды баланстык наркынан ашкан сумманы;**

**(ii)** **өзөктүү божомолго (божомолдорго) берилген нарктын маанисин (маанилерин);**

**(iii)** **өзөктүү божомолго (божомолдорго) берилген нарктын мааниси (маанилери) бирдиктин (бирдиктердин тобунун) жыйынды орду толтурулуучу наркы анын жыйынды баланстык наркына барабар болушу үчүн орду толтурулуучу наркты баалоо үчүн колдонулуучу башка өзгөрүлмөлөргө мындай өзгөртүүнүн ар кандай андан аркы таасирлерин кошкондон кийин өзгөрүүгө тийиш болгон сумманы.**

136 24 же 99-пункттарга ылайык мурдагы мезгилде жүргүзүлгөн жаратуучу бирдиктин (бирдиктердин тобунун) орду толтурулуучу наркын соңку кең-кесири эсептөөнүн натыйжасы айрым критерийлер сакталган шартта үстүдөгү мезгилде ушундай бирдикке (бирдиктердин тобуна) карата нарктын түшүүшү жагынан текшерүү үчүн которулушу жана колдонулушу мүмкүн. Эгерде бул орун алса, 134 жана 135-пункттарда каралган

маалыматты ачып көрсөтүүгө киргизиле турган ушундай бирдик (бирдиктердин тобу) үчүн маалымат орду толтурулуучу нарктын эсебинин которулган натыйжаларына кирет.

137 9-көрсөтмөлүү мисалда 134 жана 135-пункттарда каралган маалыматты ачып көрсөтүү берилген.

## Өткөөл жоболор жана күчүнө кирүү күнү

138 [Алып салынган].

139 Ишкана ушул стандартты төмөнкүлөргө карата колдонууга тийиш:

(a) бизнести бириктирүү учурунда сатып алынган гудвилге жана материалдык эмес активдерге карата, ал жөнүндө макулдашууга 2004-жылдын 31-мартындагы дата же ар кандай кийинки дата коюлган; жана

(b) 2004-жылдын 31-мартында же ушул күндөн кийин башталуучу биринчи жылдык мезгилдин башталышынан тартып бардык башка активдерге карата перспективдүү.

140 139-пункт өздөрүнө карата колдонулуучу ишканалар 139-пунктта көрсөтүлгөн күчүнө кирген күнгө чейин ушул стандарттын талаптарын колдоно баштаашы кубатталат. Бирок эгерде ишкана ушул стандартты көрсөтүлгөн күчүнө кирген күнгө чейин колдонсо, ал ошондой эле бир эле учурда ФОЭС (IFRS) 3тү жана ФОЭС (IAS) 38ди (2004-жылы кайра каралган) колдонууга милдеттүү.

140A *«Финансылык отчеттуулукту берүү»* ФОЭС (IAS) 1 (2007-жылы кайра каралган) ФОЭСтерде колдонулуучу терминологияга түзөтүүлөрдү киргизди. Мындан тышкары, ал 61, 120, 126 жана 129-пункттарга түзөтүүлөрдү киргизди. Ишкана көрсөтүлгөн түзөтүүлөрдү 2009-жылдын 1-январынан же ушул күндөн кийин башталуучу жылдык мезгилдерге карата колдонууга тийиш. Эгерде ишкана алда канча эрте мезгилге карата ФОЭС (IAS) 1ди (2007-жылы кайра каралган) колдонсо, анда көрсөтүлгөн түзөтүүлөр ушундай алда канча эрте мезгилге карата колдонулууга тийиш.

140B ФОЭС (IFRS) 3 (2008-жылы кайра каралган) 65, 81, 85 жана 139-пункттарга түзөтүүлөрдү киргизди, 91 - 95 жана 138-пункттарды алып салды жана С тиркемесин кошту. Ишкана көрсөтүлгөн түзөтүүлөрдү 2009-жылдын 1-июлунан же ушул күндөн кийин башталуучу жылдык мезгилдерге карата колдонууга тийиш. Эгерде ишкана алда канча эрте мезгилге карата ФОЭС (IFRS) 3тү (2008-жылы кайра каралган) колдонсо, анда көрсөтүлгөн түзөтүүлөр ушундай алда канча эрте мезгилге карата колдонулууга тийиш.

140C 2018-жылдын майындагы *«ФОЭСтерди жакшыртуу»* басылмасы 134(e)-пунктуна түзөтүүлөрдү киргизүүгө алып келди. Ишкана көрсөтүлгөн түзөтүүлөрдү 2009-жылдын 1-январынан же ушул күндөн кийин башталуучу жылдык мезгилдерге карата колдонууга тийиш. Мөөнөтүнөн мурда колдонууга уруксат берилет. Эгерде ишкана көрсөтүлгөн түзөтүүлөрдү алда канча эрте мезгилге карата колдонсо, ал ушул фактыны ачып көрсөтүүгө тийиш.

140D 2018-жылдын майында чыгарылган *«Туунду ишканага, биргелешип контролдонуучу ишканага же ассоциацияланган ишканага инвестициялардын наркы» («Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарын алгачкы колдонуу»* ФОЭС (IFRS) 1ге жана ФОЭС (IAS) 27ге түзөтүүлөр) басылмасы 12(h)-пунктун кошууга алып келди. Ишкана көрсөтүлгөн түзөтүүнү 2009-жылдын 1-январынан же ушул күндөн кийин башталуучу

© ФОЭС Фонду

жылдык мезгилдерге карата перспективдүү негизде колдонууга тийиш. Мөөнөтүнөн мурда колдонууга уруксат берилет. Эгерде ишкана ФОЭС (IAS) 27нин 4 жана 38А-пункттарындагы тиешелүү түзөтүүлөрдү алда канча эрте мезгилге карата колдонсо, ал ошол эле учурда 12(h)-пунктундагы түзөтүүнү колдонууга тийиш.

140E 2009-жылдын апрелинде чыгарылган *«ФОЭСтерди жакшыртуу»* басылмасы тарабынан 80(b)-пунктуна түзөтүүлөр киргизилген. Ишкана бул түзөтүүнү 2010-жылдын 1-январынан же ушул күндөн кийин башталуучу жылдык мезгилдер үчүн перспективдүү колдонууга тийиш. Мөөнөтүнөн мурда колдонууга уруксат берилет. Эгерде ишкана түзөтүүлөрдү алда канча эрте мезгил үчүн колдонсо, ал ушул фактыны ачып көрсөтүүгө тийиш.

140F [Алып салынган]

140G [Алып салынган]

140H 2011-жылдын майында чыгарылган ФОЭС (IFRS) 10 жана ФОЭС (IFRS) 11 4-пунктка, 12(h)-пунктунан жогорудагы пункттун аталышына жана 12(h)-пунктуна түзөтүүлөрдү киргизилди. Ишкана ФОЭС (IFRS) 10ду жана ФОЭС (IFRS) 11ди колдонууда ушул түзөтүүлөрдү колдонууга тийиш.

140I 2011-жылдын майында чыгарылган ФОЭС (IFRS) 13 5, 6, 12, 20, 78, 105, 111, 130 жана 134-пункттарга түзөтүүлөрдү киргизди, 25 – 27-пункттарды алып салды, ошондой эле 53А-пунктун кошумчалады.

140J 2013-жылдын майында 130 жана 134-пункттарга, ошондой эле 138-пункттун алдындагы аталышка түзөтүүлөр киргизилди. Ишкана бул түзөтүүлөрдү 2014-жылдын 1-январынан же ушул күндөн кийин башталуучу жылдык мезгилдерге карата ретроспективдүү колдонууга тийиш. Мөөнөтүнөн мурда колдонууга жол берилет. Ишканага бул түзөтүүлөрдү ФОЭС (IFRS) 13тү бир учурда колдонбой турган мезгилдерде (анын ичинде салыштырмалуу мезгилдерде) колдонууга тийиш эмес.

140K [Алып салынган]

140L 2014-жылдын майында чыгарылган *«Сатып алуучулар менен келишимдер боюнча түшкөн киреше»* ФОЭС (IFRS) 15 2-пунктка түзөтүүлөрдү киргизди. Ишкана бул түзөтүүнү ФОЭС (IFRS) 15ти пайдаланган учурда колдонууга тийиш.

140M 2014-жылдын июлунда чыгарылган ФОЭС (IFRS) 9 2, 4 жана 5-пункттарга түзөтүүлөрдү киргизди жана 140F, 140G жана 140K-пункттарын алып салды. Ишкана бул түзөтүүлөрдү ФОЭС (IFRS) 9ду пайдаланган учурда колдонууга тийиш.

140N *[Бул пункт али күчүнө кире элек түзөтүүлөргө кирет жана ошондуктан бул басылмага киргизилген жок.]*

## ФОЭС (IAS) 36нын (1998-жылы чыгарылган) колдонулушун токтотуу

141 Ушул стандарт *«Активдердин наркынын түшүшү»* (1998-жылы чыгарылган) ФОЭС (IAS) 36ны алмаштырат.

# А тиркемеси
# Пайдалануудан наркты баалоо үчүн келтирилген нарк методдорун пайдалануу

*Бул тиркеме ушул стандарттын ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Ал колдонуу баалуулугун баалоодо келтирилген нарк методдорун пайдалануу боюнча колдонмо болуп кызмат кылат. Колдонмодо «актив» деген термин колдонулуп жатканына карабастан, ал жаратуучу бирдикти түзгөн активдердин тобуна карата да бирдей көлөмдө колдонулат.*

## Келтирилген наркты баалоо элементтери

A1 Төмөнкүдөй элементтер биригип активдердин ортосундагы экономикалык айырмачылыктарды чагылдырат:

(a) акча каражаттарынын келечектеги кыймылынын эсептик баалоосу же, алда канча татаал учурларда, ишкана активден алууну күтүп жаткан акча каражаттарынын агымдарынын сериялары;

(b) акча каражаттарынын ушундай агымдарынын суммаларындагы жана убакытта бөлүштүрүлүшүндөгү ыктымалдуу өзгөрүүлөр жагынан күтүүлөр;

(c) учурдагы рыноктук тобокелсиз пайыздык ставка менен көрсөтүлгөн акчалардын убакыт ичиндеги наркы;

(d) ушул активге мүнөздүү болгон айкын эместик менен байланышкан баа; жана

(e) ишкана активден алууну күтүп жаткан акча каражаттарынын келечектеги агымдарынын баасын аныктоодо рыноктун катышуучулары чагылдыра турган башка, кээде идентификацияланбай турган (ликвиддүүлүк сыяктуу) факторлор.

A2 Бул тиркеме келтирилген наркты эсептөөнүн эки методун карама-каршы коет, алардын ар бири жагдайга жараша активди колдонуу баалулугунун эсептик баалоосу үчүн колдонулушу мүмкүн. «Салттуу» методго ылайык, A1-пунктта сүрөттөлгөн (b) - (e) факторлорун эске алуу менен оңдоп-түзөөлөр дисконттоо ставкасына киргизилген. «Акча каражаттарынын күтүлүп жаткан агымы» методуна ылайык, (b), (d) жана (e) факторлору тобокелдиктерди эске алуу менен акча каражаттарынын күтүлүп жаткан агымдарынын эсебине оңдоп-түзөөлөрдү киргизүүгө алып келет. Ишкана акча каражаттарынын келечектеги агымдарынын суммаларынын жана убакытта бөлүштүрүлүшүнүн ыктымалдуу өзгөрүүлөрү жагынан күтүүлөрүн чагылдыруу үчүн кандай методду колдонбосун, натыйжа акча каражаттарынын келечектеги агымдарынын күтүлүп жаткан келтирилген наркын, башкача айтканда, мүмкүн болгон бардык натыйжалардын орточо алынган маанисин чагылдырууга тийиш.

## Жалпы принциптер

A3 Акча каражаттарынын келечектеги агымдарынын эсептик баалоосу жана пайыздык ставкалар үчүн колдонулуучу методдор каралып жаткан активге тиешелүү конкреттүү жагдайларга жараша бир кырдаалдан башкасына карай өзгөрүп турат. Бирок активдерди баалоодо келтирилген нарктын методдорун колдонуунун ар кандай учурунда төмөнкүдөй жалпы принциптерди жетекчиликке алуу керек.

(a) акча каражаттарынын агымдарын дисконттоо үчүн колдонулуучу пайыздык ставка акча каражаттарынын кыймылын баалоодо колдонулган божомолдорго карама-каршы келбеген божомолдорду чагылдырууга тийиш. Антпесе, айрым божомолдордун натыйжасы эки жолу эске алынат же таптакыр эске алынбай калат. Мисалы, 12 пайыз өлчөмүндөгү дисконттоо ставкасы келишимде шартталган зайым боюнча дебитордук карыз боюнча акча каражаттарынын кыймылына колдонулушу мүмкүн эле. Бул ставка конкреттүү параметрлери бар зайымдар боюнча милдеттенмелерди келечекте аткарбай коюу жагынан күтүүлөрдү чагылдырат. Ушундай эле 12 пайыздык ставка акча каражаттарынын күтүлгөн агымдарын дисконттоо үчүн пайдаланылууга тийиш эмес, анткени тиешелүү агымдар милдеттенмелерди келечекте аткарбай коюу жөнүндө божомолдорду чагылдырып жатат.

(b) акча каражаттарынын эсептик агымдары жана дисконттоо ставкалары каралып жаткан актив менен байланышпаган шектенүүлөрдөн жана факторлордон эркин болууга тийиш. Мисалы, активдин келечектеги айкын рентабелдүүлүгүн жогорулатуу максатында жүргүзүлүүчү акча каражаттарынын таза эсептик агымдарын атайылап төмөндөтүү баалоонун «тазалыгын» бузат;

(c) акча каражаттарынын эсептик агымдары же дисконттоо ставкалары алда канча ыктымалдуу бир минималдуу же максималдуу сумманы эмес, ыктымалдуу натыйжалардын диапазонун чагылдырууга тийиш.

## Келтирилген наркты баалоо учурундагы салттуу метод жана акча каражаттарынын күтүлүп жаткан агымынын методу

### Салттуу метод

A4 Эсепке алууда келтирилген наркты колдонуу демейде акча каражаттарынын эсептик агымдарынын бир топтомуна жана дисконттоонун бирдиктүү ставкасына негизделген, ал көп учурда «тобокелдикке шайкеш келген ставка» катары сүрөттөлөт. Иш жүзүндө салттуу метод дисконттоонун бирдиктүү ставкасы жөнүндө макулдашуу акча каражаттарынын келечектеги агымдары жагынан бардык күтүүлөрдү жана тобокелдик үчүн тиешелүү сыйлыкты камтышы мүмкүн экенин болжолдойт. Демек, салттуу методду колдонуу учурунда негизги басым дисконттоо ставкасын тандоого жасалат.

A5 Айрым учурларда, мисалы, салыштырылуучу активдер рынокто бар болгон учурда, салттуу метод колдонууда салыштырмалуу жеңил болуп саналат. Келишимде шартталган акча каражаттарынын агымдары бар активдер үчүн бул рыноктун катышуучулары «12 пайыздык облигациялар» сыяктуу активдерди сүрөттөгөн ыкмага шайкеш келет.

A6 Бирок салттуу метод бааланууучу объекттин өзү үчүн да, салыштырылуучу объект үчүн да рынок жок болгон учурда финансылык эмес активдерди баалоо сыяктуу баалоонун айрым татаал көйгөйлөрүн чечүүдө жардам бере албайт. «Тобокелдикке шайкеш келген ставканы» тийиштүү түрдө издөө, бери болгондо, эки объектти – рынокто бар болгон жана байкоо жүргүзүлүүчү пайыздык ставкасы бар активди жана баалануучу активди талдоону жүргүзүүнү талап кылат. Акча каражаттарынын баалануучу агымдары үчүн дисконттоонун тиешелүү ставкасы ушундай башка актив үчүн байкоо жүргүзүлүүчү пайыздык ставкадан чыгарылууга тийиш. Ушундай ставканы чыгаруу үчүн башка активдин акча каражаттарынын агымдарынын мүнөздөмөлөрү бааланып жаткан активдин акча

каражаттарынын агымдарынын мүнөздөмөлөрүнө окшош болууга тийиш. Тиешелүү түрдө, баалоочу төмөнкүлөрдү жасоого тийиш:

(a) дисконттоло турган акча каражаттарынын агымдарынын топтомун идентификациялоого;

(b) акча каражаттарынын агымдары боюнча окшош мүнөздөмөлөргө ээ боло турган рынокто башка активди идентификациялоого;

(c) эки объекттен түшкөн акча каражаттарынын агымдарынын топтомдору окшош экенине ынануу үчүн аларды салыштырууга (мисалы, эки топтом тең акча каражаттарынын келишимде шартталган агымдары болуп саналбы же алардын бири келишимде шартталып, ал эми экинчиси эсептик болуп саналабы?);

(d) бир объектте башкасында болбогон элемент бар же жоктугун баалоого (мисалы, бирөө башкасына караганда азыраак ликвиддүү болуп саналбайбы?);

(e) экономикалык конъюнктура өзгөргөн учурда акча каражаттарынын агымдарынын эки топтому өзүн окшош түрдө кармай (башкача айтканда, өзгөрө) тургандыгын же жоктугун баалоого.

Акча каражаттарынын күтүлүп жаткан агымынын методу

A7 Айрым учурларда акча каражаттарынын күтүлүп жаткан агымынын методу салттуу методго караганда алда канча натыйжалуу болуп саналат. Акча каражаттарынын күтүлүп жаткан агымынын методу боюнча баалоону жүргүзүү учурунда акча каражаттарынын алда канча ыктымалдуу бир агымынын ордуна акча каражаттарынын мүмкүн болгон агымдары жагынан бардык күтүүлөрдү пайдалануу болжолдонот. Мисалы, акча каражаттарынын агымы тиешелүү түрдө 10 пайыз, 60 пайыз жана 30 пайыз ыктымалдуулугу менен тиешелүү түрдө 100 а.б., 200 а.б. же 300 акча бирдигин түзүшү мүмкүн. Акча каражаттарынын күтүлүп жаткан агымынын методу ал акча каражаттарынын каралып жаткан агымдарын талдоого жана өзгөртүлгөн учурда колдонулуучу божомолдорду алда канча айкын киргизүүгө басым жасагандыгы менен салттуу методдон айырмаланат.

A8 Мындан тышкары, эгерде акча каражаттарынын агымдарын убакытта бөлүштүрүү айкын эмес болуп саналса, акча каражаттарынын күтүлүп жаткан агымынын методу ошондой эле келтирилген нарк методун пайдаланууга мүмкүндүк берет. Мисалы, 1000 а.б. өлчөмүндөгү акча каражаттарынын агымы тиешелүү түрдө 10 пайыз, 60 пайыз жана 30 пайыз ыктымалдуулугу менен бир жылдан, эки жылдан же үч жылдан кийин алышыны мүмкүн. Төмөндөгү мисалда күтүлүп жаткан келтирилген нарктын мындай учурдагы эсеби көрсөтүлгөн.

| | | |
|---|---|---|
| 1000 а.б. келтирилген наркы 1 жылдан кийин 5% учурунда | 952,38 а.б. | |
| Ыктымалдуулук | 10,00% болгондо | 95,24 а.б. |
| 1000 а.б. келтирилген наркы 2 жылдан кийин 5,25% учурунда | 902,73 а.б. | |
| Ыктымалдуулук | 60.00% болгондо | 541,64 а.б. |
| 1000 а.б. келтирилген наркы 3 жылдан кийин 5,50% учурунда | 851,61 а.б. | |
| Ыктымалдуулук | 30.00% болгондо | 255,48 а.б. |
| Күтүлүп жаткан келтирилген нарк | | 892,36 а.б. |

© ФОЭС Фонду

A9 A9. 892,36 а.б. өлчөмүндөгү күтүлүп жаткан келтирилген нарк салттуу методдон 902,73 а.б. (ыктымалдуулук 60 пайыз) өлчөмүндөгү эң мыкты эсептик баа менен айырмаланат. Бул мисалда колдонулган келтирилген нарктын эсебинин салттуу методу акча каражаттарынын агымдарын убакытта ыктымалдуу бөлүштүрүү вариантын карайт жана тиешелүү түрдө убакытта бөлүштүрүүнүн башка варианттарынын ыктымалдуулугун чагылдырбайт. Кеп салттуу метод боюнча келтирилген нарkты эсептөө учурунда дисконттоо ставкасы убакытта бөлүштүрүүдөгү айкын эместиктерди чагылдыра албай тургандыгында.

A10 Ыктымалдуулуктарды пайдалануу акча каражаттарынын күтүлүп жаткан агымынын методунун олуттуу элементи болуп саналат. Айрымдар өтө субъективдүү бааларга ыктымалдуулуктарды берүү иш жүзүндөгү бааларга караганда көбүрөөк тактыкты бербейби деген суроону коет. Бирок, салттуу методду ойдогудай колдонуу (А6-пунктта айтылгандай), акча каражаттарынын күтүлүп жаткан агымынын методу боюнча эсептердин ачыктыгын камсыз кылбастан, ушундай эле эсептик бааларды жана субъективдүүлүктү талап кылат.

A11 Азыркы учурдагы көпчүлүк эсептик баалар эмитен эле акча каражаттарынын күтүлүп жаткан агымынын элементтерин формалдуу эмес камтыйт. Мындан тышкары, бухгалтерлер акча каражаттарынын мүмкүн болгон агымдарынын ыктымалдуулугу жөнүндө чектелген маалыматты пайдаланып, көп учурда активди баалоо зарылчылыгына кабылат. Мисалы, бухгалтер төмөнкүдөй учурларга дуушарланышы мүмкүн:

(a) эсептик нарк 50 а.б. жана 250 а.б. чегинде турат, бирок бул диапазондо эч бир нарк ар кандай башка наркка караганда алда канча ыктымалдуу болуп саналбайт. Ушул чектелген маалыматка таянып, акча каражаттарынын күтүлүп жаткан агымынын баасы 150 [(50 + 250) / 2] акча бирдигин түзөт.

(b) эсептик нарк 50 жана 250 а.б. чегинде турат жана алда канча ыктымалдуу нарк 100 акча бирдигин түзөт. Бирок, ар бир нарктын ыктымалдуулугу белгисиз. Ушул чектелген маалыматка таянып, акча каражаттарынын күтүлүп жаткан агымынын баасы 133,33 акча бирдигин түзөт [(50 + 100 + 250) / 3].

(c) эсептик нарк 50 а.б. (10% ыктымалдуулугу менен), 250 а.б. (30% ыктымалдуулугу менен), же 100 а.б. (60% ыктымалдуулугу менен) түзөт. Ушул чектелген маалыматка таянып, акча каражаттарынын күтүлүп жаткан агымынын баасы 140 [(50 x 0,10) + (250 x 0,30) + (100 x 0,60)] акча бирдигин түзөт.

Ар бир учурда акча каражаттарынын күтүлүп жаткан агымынын баасы өз-өзүнчө алынган минималдуу, алда канча ыктымалдуу же максималдуу нарkты пайдаланууга караганда, көбүнесе колдонуу баалуулугунун эң мыкты эсептик баасы болот.

A12 Акча каражаттарынын күтүлүп жаткан агымынын методу аны колдонуу чыгымдарына салыштырганда өзүн актай албашы мүмкүн. Айрым учурларда ишкана көп сандаган маалыматтарга жеткиликтүүлүккө ээ болушу мүмкүн жана акча каражаттарынын кыймылынын көп сандаган сценарийлерин иштеп чыга алат. Башка учурларда ишкана олуттуу чыгымдарды жүргүзбөстөн акча каражаттарынын агымдарынын четтөөлөрүнүн диапазонун жалпысынан гана баалоого кудуреттүү. Ишкана ушундай маалымат камсыз кыла турган баалардын кошумча тактыгынын ордуна кошумча маалымат алууга чыгымдарга маани берүүгө тийиш.

© ФОЭС Фонду

A13 Айрымдар акча каражаттарынын күтүлүп жаткан агымынын методдору бир объектти же мүмкүн болгон натыйжаларынын саны чектелүү болгон объектти баалоо үчүн ылайыксыз болуп саналат деп ырасташат. Алар мүмкүн болгон эки натыйжасы бар төмөнкүдөй мисалды сунуш кылат: акча каражаттарынын агымдары 10 а.б. түзөт деген 90 пайыздык ыктымалдуулук жана акча каражаттарынын агымдары 1000 а.б. түзөт деген 10 пайыздык ыктымалдуулук. Алар акча каражаттарынын күтүлүп жаткан агымы бул мисалда 109 а.б. түзөт деп эсептешет жана алардын нааразычылыгы бул натыйжа акыр аягында төлөнүшү мүмкүн болгон суммаларды бербегенинде турат.

A14 Жогоруда келтирилгенге окшош ырастоолор баалоо максаттары жагынан фундаменталдуу пикир келишпестиктерди чагылдырат. Эгерде максат тартыла турган чыгымдар жөнүндө маалыматтарды топтоо болуп саналса, акча каражаттарынын күтүлүп жаткан агымдары күтүлүп жаткан чыгымдардын туура жана шайкеш баасын бере албашы мүмкүн. Ошого карабастан, ушул стандарт активдин орду толтурулуучу наркын баалоону карайт. Бул мисалда активдин орду толтурулуучу наркы 10 акча бирдигин түзөөрү арсар, бирок бул акча каражаттарынын агымынын алда канча ыктымалдуу көлөмү. Себеп активди баалоо учурунда 10 а.б. акча каражаттарынын агымынын айкын эместигин эске албагандыгында турат. Мунун ордуна акча каражаттарынын агымы ал айкын болгондой түрдө көрсөтүлгөн. Бир дагы сарамжалдуу ишкана ушундай параметрлери бар активди 10 акча бирдигине сатмак эмес.

## Дисконттоо ставкасы

A15 Ишкана активди колдонуу баалуулугун баалоонун кандай гана методун колдонбосун, акча каражаттарынын агымдарын дисконттоо үчүн колдонулуучу пайыздык ставкалар акча каражаттарынын эсептик агымдары аларды эске алуу менен буга чейин оңдоп-түзөлгөн тобокелдиктерди чагылдырууга тийиш эмес. Андай болбогон учурда айрым сунуштардын натыйжасы эки жолу эсепке алынат.

A16 Эгерде конкреттүү активге таандык ставка түздөн-түз рынокто алынышы мүмкүн болбосо, ишкана дисконттоо ставкасын аныктоо үчүн жасалма маалыматтарды пайдаланат. Максат төмөнкүлөрдүн рыноктук баасын мүмкүн болушунча алда канча так аныктоо болуп саналат:

(a) активдин пайдалуу кызмат мөөнөтү аяктаганга чейинки мезгилдер үчүн акчалардын убакыт ичиндеги наркынын; жана

(b) A1-пунктта айтылган (b), (d) жана (e) факторлору акча каражаттарынын агымдарынын эсептик баасына оңдоп-түзөөлөрдү киргизүүгө алып келбеген өлчөмдө бул факторлордун.

A17 Ушундай баалоону жүргүзүү учурунда башталгыч нокоту катары ишкана төмөнкүдөй ставкаларды эске ала алар эле:

(a) капиталдык активдердин наркын аныктоо модели сыяктуу ушундай методдорду пайдалануу менен аныкталган ишкананын капиталынын орточо алынган наркын;

(b) ишкананын зайым боюнча кошумча ставкасын; жана

(c) зайымдар боюнча башка рыноктук ставкаларды.

A18 Бирок, бул ставкалар оңдоп-түзөлүүгө тийиш:

(a) активдин акча каражаттарынын агымын баалоо менен байланышкан конкреттүү тобокелдиктерди рынок кандай түрдө баалай тургандыгын эске алуу менен, жана

(b) активдин акча каражаттарынын агымын эсептик баалоого тиешеси болбогон же аларды эске алуу менен акча каражаттарынын агымдарынын эсептик баасы оңдоп-түзөлгөн тобокелдиктерди жокко чыгаруу үчүн.

Мындай тобокелдиктерди өлкөлүк, валюталык жана баа тобокелдиктери катары эске алуу керек.

A19 Дисконттоо ставкасы ишкананын капиталынын түзүмүнө жана анын жардамы менен ишкана активди сатып алууну каржылаган ыкмага байланыштуу эмес, анткени активден күтүлүп жаткан акча каражаттарынын келечектеги агымдары ишкана активди сатып алууну кандай түрдө каржылаганына байланыштуу эмес.

A20 55-пункт дисконттоонун колдонулуп жаткан ставкасы салыктарды төлөгөнгө чейинки ставка болушун белгилейт. Тиешелүү түрдө, эгерде салыктарды төлөгөндөн кийинки ставка дисконттоо ставкасын баалоо үчүн колдонулуучу негиз болуп саналса, мындай негиз салыктар төлөнгөнгө чейинки ставканы эске алуу менен оңдоп-түзөлөт.

A21 Ишкана демейде активди колдонуу баалуулугун баалоо үчүн дисконттоонун бирдиктүү ставкасын колдонот. Бирок, эгерде колдонуу баалуулугу ар түрдүү мезгилдер үчүн тобокелдиктердин айырмасына карата же пайыздык ставкалардын мөөнөттөрүнүн түзүмүнө карата туруштук бере албаса, ишкана келечектеги ар түрдүү мезгилдер үчүн дисконттоонун өзүнчө ставкаларын колдонот.

© ФОЭС Фонду

## В тиркемеси
## ФОЭС (IAS) 16га түзөтүүлөр

*[Түзөтүү талаптарга карата колдонулбайт]*

© ФОЭС Фонду

# С тиркемеси
# Гудвил менен жаратуучу бирдиктерди жана нарктын түшүшү жагынан контролдонбоочу үлүштөрдү тестирлөө

*Бул тиркеме ушул стандарттын ажырагыс бөлүгү болуп саналат.*

C1 ФОЭС (IFRS) 3кө (2008-жылы кайра каралган) ылайык сатып алуучу сатып алуу күнүнө карата гудвилди (a)нын (b)дан ашкан суммасы катары баалайт жана тааныйт:

(a) төмөнкүлөрдүн жыйындысы:

(i) ФОЭС (IFRS) 3кө ылайык бааланууучу өткөрүп берилген сыйакынын, ал, эреже катары, сатып алуу күнүнө карата адилет нарк боюнча чагылдырууну талап кылат;

(ii) ФОЭС (IFRS) 3кө ылайык бааланган, сатып алынып жаткан ишканадагы ар кандай контролдонбоочу үлүштүн суммасынын; жана

(iii) бизнести этап-этабы менен бириктирген учурда сатып алуу күнүнө карата салып алынып жаткан ишкананын капиталында мурда болгон сатып алуучунун үлүшүнүн адилет наркынын.

(b) ФОЭС (IFRS) 3кө ылайык бааланган идентификациялануучу сатып алынып жаткан активдердин жана сатып алуу күнүнө карата кабыл алынган милдеттенмелердин таза суммасынын.

## Гудвилди бөлүштүрүү

C2 Ушул стандарттын 80-пункту бизнести бириктирүүнүн натыйжасында сатып алынган гудвилди сатып алуучунун бардык жаратуучу бирдиктерине же жаратуучу бирдиктеринин топторуна бөлүштүрүүнү талап кылат, алар, болжол менен, бириктирүүнүн натыйжасындагы синергиядан, сатып алынып жаткан ишкананын башка активдери жана милдеттенмелери бул бирдиктерге же бирдиктердин топторуна таандык кылынганына же жоктугуна карабастан утат. Аларда контролдонбоочу үлүштүн өз үлүшү болбогон жаратуучу бирдиктерге бириктирүүнүн натыйжасында синергиянын айрым бөлүгү бөлүштүрүлүшү мүмкүн.

## Нарктын түшүшү жагынан тестирлөө

C3 Нарктын түшүшү жагынан тестирлөө жаратуучу бирдиктин орду толтурулуучу наркын анын балланстык наркы менен салыштырууну камтыйт.

C4 Эгерде ишкана контролдонбоочу үлүштү адилет нарк боюнча эмес, сатып алуу күнүнө карата туунду ишкананын идентификациялануучу таза активдериндеги өзүнүн пропорционалдуу үлүшү катары чагылдырса, контролдонбоочу үлүшкө киргизилүүчү гудвил тиешелүү жаратуучу бирдиктин орду толтурулуучу суммасына киргизилет, бирок башкы ишкананын бириктирилген финансылык отчеттуулугунда таанылбайт. Натыйжада, ишкана контролдонбоочу үлүшкө киргизилүүчү гудвилди кошуу максатында бирдикке бөлүштүрүлгөн гудвилдин баланстык наркын кайра эсептеп чыгууга тийиш. Ушундай оңдоп-түзөлгөн баланстык нарк андан кийин жаратуучу бирдиктин наркы түшкөнүн же жоктугун аныктоо максатында бирдиктин орду толтурулуучу наркы менен салыштырылат.

## Нарктын түшүшүнөн зыянды бөлүштүрүү

C5 104-пункт адегенде жаратуучу бирдикке киргизилген ар кандай гудвилдин баланстык наркынын азайышына, андан соң бирдиктеги ар бир активдин баланстык наркына пропорционалдуу бирдиктин башка активдерине ар кандай идентификациялануучу зыянды бөлүштүрүүнү талап кылат.

C6 Эгерде контролдонбоочу үлүшү бар туунду ишкана же туунду ишкананын бир бөлүгү өзү жаратуучу бирдик болуп саналса, нарктын түшүшүнөн зыян пайда же зыян сыяктуу эле негизде башкы ишкананын жана контролдонбоочу үлүштүн ортосунда бөлүштүрүлөт.

C7 Эгерде контролдонбоочу үлүшкө ээ туунду ишкана же туунду ишкананын бир бөлүгү алда канча ири жаратуучу бирдиктин бир бөлүгү болуп саналса, гудвилдин наркы түшүшүнөн зыяндар контролдонбоочу үлүшү бар жана ушундай үлүшү жок жаратуучу бирдиктердин бөлүктөрүнө бөлүштүрүлөт. Нарктын түшүшүнөн зыяндар төмөнкүлөрдүн негизинде жаратуучу бирдиктин бөлүктөрүнө бөлүштүрүлүүгө тийиш:

(a) нарктын түшүшүнүн жаратуучу бирдиктин гудвилине тиешеси болушунун өлчөмүндө баа түшкөнгө чейин ушундай бөлүктөрдүн тиешелүү баланстык наркынын; жана

(b) нарктын түшүшүнүн жаратуучу бирдиктин идентификацияланууучу активдерине тиешеси болушунун өлчөмүндө нарк түшкөнгө чейин бул бөлүктөрдүн идентификацияланууучу таза активдеринин тиешелүү балaнстык наркынын. Ар кандай ушундай нарктын түшүшү ар бир бирдиктин бөлүктөрүнүн активдерине ушул бөлүктүн ар бир активинин балaнстык наркына пропорционалдуу бөлүштүрүлөт.

Контролдонбоочу үлүшү бар бөлүктөрдө нарктын түшүшүнөн зыян пайда же зыян сыяктуу эле негизде башкы ишкана менен контролдонбоочу үлүштүн ортосунда бөлүштүрүлөт.

C8 Эгерде контролдонбоочу үлүшкө таандык болуучу нарктын түшүшүнөн зыян башкы ишкананын бириктирилген финансылык отчеттуулугунда таанылбаган гудвилге таандык болсо (С4-пунктту караңыз), мындай нарктын түшүшү гудвилдин наркы түшүшүнөн зыян катары таанылбайт. Мындай учурларда башкы ишканага бөлүштүрүлгөн гудвилге таандык болгон нарктын түшүшүнөн зыян гана гудвилдин наркы түшүшүнөн зыян катары таанылат.

C9 7-көрсөтмөлүү мисал нарктын түшүшү жагынан гудвил менен толук менчикте болбогон жаратуучу бирдикти тестирлөөнү көрсөтүп турат.

© ФОЭС Фонду